# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ

**Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун**
**2020-жылдын 24-июлундагы №6**
**менен бекитилди**

## «ИШКАНАНЫН ӨНДҮРҮШТҮК ИШМЕРДИГИ, ФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ ЖАНА АКТИВДЕРИ ЖӨНҮНДӨ» №1-ФИ (ЖЫЛДЫК) ФОРМАСЫН ТОЛТУРУУ БОЮНЧА НУСКАМА

### Жалпы көрсөтмөлөр

№1-ФИ формасы боюнча маалымат, экономиканын бардык тармактарынын, баш ийүүсүнүн жана менчигинин түрүнө карабастан, (бюджеттик, каржылык жана коммерциялык эмес уюмдардан башка), өз алдынча теңдеми (балансы) бар, өзүнчө чарбалык эсепте турган жана юридикалык жактар болуп саналган ишканалар, бирикмелер, уюмдар, мекемелер толтурат.

Продукцияны (жумушту, кызмат көрсөтүүнү) өндүрүүгө кеткен чыгымдардын толук тизмеси, ошондой эле аларды айрым беренелерге (элементтерге) киргизүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген «Мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу, чарбалык субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө» жобосу (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-мартындагы №124 токтомунун редакциясында), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Салык кодекси менен жөнгө салынат.

### 1-Бөлүм. Отчеттук жылда юридикалык жактын уюштуруучулук түзүмү

1-Бөлүмдүн **100 барагы боюнча** филиалдык статуска ээ, обочолонгон-аймактык бөлүмдөрдүн саны көрсөтүлөт.

### 1.1-Бөлүм. Отчеттук жылда экономикалык ишмердиктин түрлөрү, иштеген адамдардын орточо жылдык саны жана иштетилген убакыты

1.1-Бөлүмдүн **1-графасы боюнча -** «Кызматкерлердин жылдык орточо саны» тизмелик курамда иштеп жаткан жана расмий түрдө катталган жумушчулардын саны көрсөтүлөт. Мындан тышкары, бул жумушчулар башка ишканалардын тизмесинде жок болсо, ушул жерде жарандык-укуктук мүнөздөгү келишими боюнча көрсөтүлөт.

Жумушчулардын жыл ичиндеги орточо тизмелик саны жумушчулардын бардык айлардагы орточо айлык санын кошуп, андан чыккан сумманы 12ге бөлүү жолу менен эсептелет («Жалданып иштеген жумушчулардын саны жана эмгек акысы статистикасы боюнча нускама», 2-Бөлүм, 17.05.2005-ж. №11).

Иштегендерге төмөнкүлөр кирет: иштеген кожоюндар жана иштеген тең кожоюндар; эгерде, алардын иштеген убактысы ишканада кабыл алынган жумуш убактысынын минимум үчтөн бирин түзгөн, акысыз жардам берген үй-бүлө мүчөлөрү; ишкана менен кандайдыр бир аныкталган келишими бар жактар (мисалы, башкаруу мүчөлөрү, директорлор, коммивояжерлер, практиканттар жана окуучулар). Иштегендердин санында төмөндө көрсөтүлгөндөр толук эсепке алынат: ооруп

калгандар, өргүүдө жүргөндөр, кош бойлуулук же төрөт боюнча өргүүдө жүргөндөр, ошондой эле башка себептер менен убактылуу иштебеген бардык жумушчулар, мезгилдүү иштеген жана жардам берүүчү жумушчулар, толук эмес убакыт иштеген жана убактысынын бир бөлүгүн аргасыздан иштегендер, убактылуу чет жерде иштегендер (бир жылдан аз) кошулат.

**3-графа боюнча «Эмгек акы фонду»** *ишкананын бардык жумушчуларына,* б.а. тизмелик курамдагы кызматкерлерге, түзүлгөн келишим боюнча иштеген жумушчуларга жана сырткы айкалыштыруучуларга берилген эмгек акынын суммасы көрсөтүлөт. Эмгек акы фонду түздөн-түз эмгек акыдан, иштебеген мезгилде төлөнгөн акыдан, эмгек акыга киргизилген акчалай сыйлык жана демилге акыдан, накталай төлөмдөрдөн түзүлөт.

**4-графа боюнча «Иштелген адам-сааттардын саны»** негизги иш (кызматы) боюнча да, ушул эле уюмда айкалыштырып иштеген жумушу боюнча да кызматкерлердин иш жүзүндө иштелген сааттары, ченемден ашык жана майрам (иш эмес күндөрү), дем алыш (график боюнча) күндөрү иштелген сааттардын саны эсептелет, ага кызматтык командировкалардын сааттары кошулат.

Иштелген адам-сааттарга төмөнкүлөр **кирбейт:**

- жумушчулардын жылдык кошумча өргүүлөрдө, окуусу боюнча өргүүлөрдө, администрациянын демилгеси боюнча берилген өргүүлөрдө болгон сааттар;
- ооруп калган убактысы;
- ички системанын токтогон убакыты;
- энелерге баласын эмизүүгө берилген убакыт;
- 18 жаштан төмөн жумушчулардын ишинин мезгилинин кыскартылган убактысы;
- алардын эмгек акысынын сакталган/сакталбагандыгына карабастан, жумушчулардын башка себептер менен иште жок болгон учурлары.

**6-графа боюнча «Жүгүртүү».** Ошол юридикалык жак тарабынан өндүрүлгөн жана отчеттук мезгилде башка жакка (башка юридикалык же жеке жактарга, ошондой эле эмгек акысынын эсебинен өзүнүн жумушчуларына берилген) иш жүзүндө жөнөтүлгөн (өткөрүлгөн) бардык товарлардын, анын ичинде сатуучунун эсебине акча келип түшкөн/түшпөгөндүгүнө карабастан, заказчыга жеринде акт боюнча өткөрүлгөн товарлардын наркын билдирет.

**6-графада** иш-аракеттердин түрлөрү боюнча продукцияларды, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн киреше түшүнүлөт. Иш-аракеттердин бир нече түрлөрү боюнча кирешелери жана пайдалары бар көп профилдүү ишканалар, аларды саптар боюнча чагылдырат. Кирешелерди экономикалык иш-аракеттердин тигил же бул түрүнө киргизүү боюнча кыйынчылыктар жаралган учурда, райондук мамлекеттик статистика кызматтарынын адистерине кайрылуу керек, же Улутстаткомдун www.stat.kg сайтынын «Классификаторлор» бөлүгүндө жайгаштырылган экономикалык иш-аракеттердин түрлөрүнүн Мамлекеттик классификаторундагы ЭИМК (3-версиясы) иш-аракеттердин туура келген түрүн өз алдынча табышы керек.

Иш-аракеттердин жардамчы түрлөрү өзүнчө бөлүнбөйт. Алар боюнча маалыматтар экономикалык иш-аракеттердин негизги түрү боюнча жыйынтыктарга бөлүштүрүлөт же продукциянын жүгүртүүсүндөгү эң чоң салыштырма салмакты ээлеген иш-аракеттердин бир нече түрү боюнча пропорционалдуу бөлүштүрүлөт.

Иш-аракеттердин кошумча жардамчы түрү, ошол уюм тарабынан өндүрүштү камсыз кылуу жана жеңилдетүү максатында, башка жакка сатуу үчүн дайындалган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун чегинде аткарыла турган иш-аракет болуп саналат. Иш-аракеттердин ушул кошумча жардамчы түрлөрүнүн продукциясынын өзү башка юридикалык жана жеке жактарга коюлбайт. Иш-аракеттердин кошумча жардамчы түрлөрүнүн көпчүлүгү кызмат көрсөтүүлөрдү (администрация, бухгалтерия иш-аракеттери, маалыматтарды иштетүү, материалдык-техникалык камсыздоо (жабдуу) жана өткөрүү, маркетинг, кампада сактоо, менчик жабдууну жана техниканы ондоо, транспортировкалоо, тазалоо жана коргоо жана ушул сыяктууларды) өндүрүшөт.

Эгерде, ишкананын бир түзүмдүк бөлүмү (цех, участок) иш-аракеттердин бир нече түрүн жүргүзсө, жана аларды бөлүп эсепке алуу жок болсо, анда ушул бөлүм боюнча маалыматтарды, менчик өндүрүштүк товарларды жүктөөдө, иштерди өз күчтөрү менен аткаруу жана кызмат көрсөтүү учурунда көбүрөөк үлүштү ээлеген иш-аракеттердин түрүнө киргизүү керек.

## 2-Бөлүм. Товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү жана жүктөө.

2-Бөлүмдүн маалыматтары, анын иш-аракеттерининин бардык түрлөрү боюнча бүтүндөй юридикалык жак боюнча жалпы суммасында (б.а. жайгашкан жерине карабастан, анын бардык обочолонгон бөлүмдөрү боюнча кошулган маалыматтар) толтурулат.

Ушул бөлүмдүн жалпы экономикалык көрсөткүчтөрү жана форманын тийиштүү саптары боюнча ушул көрсөткүчтөрдүн чагылдырылышы бухгалтердик эсеп жана баштапкы эсепке алуу маалыматтары боюнча мыйзамдык-ченемдик актыларына ылайык бухгалтердик синтетикалык жана аналитикалык эсепке алуунун негизинде жүргүзүлөт.

**201-сап боюнча** менчик өндүрүштүк товарларды жүктөө, өз күчтөрү менен аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөр; сатылган, кайра сатуу үчүн сатылып алынган товарлар; сатылган чийки зат, аларды өндүрүштүк процессте колдонуу максатында мурда сатылып алынган материалдар, комплекттөөчү буюмдар, күйүүчү майлардын жалпы көлөмүн көрсөтө турган уюмдун жүгүртүүсү (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) чагылдырылат. Ушул сап 202, 207, 212-саптардын суммасына барабар.

**202-сап боюнча** сатуу тартибинде жөнөтүлгөн же чыгарылып кеткен, ошондой эле түз алмашуу (алмашуу келишими боюнча), менчик өндүрүштүк бардык товарлардын, товардык кредиттин, иш жүзүндө коюлган (сатуу) бааларындагы (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) өз күчтөрү менен аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат. Ушул сап боюнча 224-сапта көрсөтүлгөн мамлекеттик баалар (тарифтер) боюнча жөнгө салына турган продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу кесепетинен жаралган чыгашаларды жабууга карата бюджеттен алынган каражаттар чагылдырылбайт.

Ички чарбалык керектөөлөр үчүн колдонула турган менчик өндүрүштүк продукция (буудай, урук, канаттууларга жана малдарга тоют, өздүк колдонуу үчүн жасалган шаймандар ж.б) 202-сапта көрсөтүлбөйт.

Ошол юридикалык жак тарабынан өндүрүлгөн жана отчеттук мезгилде башка жакка (башка юридикалык же жеке жактарга, ошондой эле эмгек акысынын эсебинен өзүнүн жумушчуларына берилген) иш жүзүндө жөнөтүлгөн (өткөрүлгөн) бардык товарлардын, анын ичинде сатуучунун эсебине акча келип түшкөн/түшпөгөндүгүнө карабастан, заказчыга (тапшырыкчы) жеринде акт боюнча өткөрүлгөн товарлардын наркын билдирет.

Эгерде, юридикалык жак жарым фабрикаттарды, кышка даярдыктарды, түйүндөрдү өндүрсө, аларды жарым-жартылай иштетүүгө же аларды толук даяр болгонго чейин иштетүүгө башка юридикалык жакка берсе, андан кийин аларды кайрадан алып, жана даяр азыктарды өндүрүү учурунда колдонот, анда жүктөлгөн товарлардын көлөмүнө, аларды өндүрүү толук аяктаган, жана алар иш жүзүндө керектөөчүгө жүктөлүп чыгарылган, даяр азыктардын наркына киргизилет.

Даяр болгон деңгээлине жараша этап боюнча Келишимге ылайык заказчы тарабынан кабыл алына турган жана төлөнө турган продукция жумуш этаптарынын отчеттук мезгилинде заказчы (тапшырыкчы) тарабынан кабыл алынган көлөмүндө 202-сап боюнча чагылдырылат.

Уюмдун менчик соода жайлары аркылуу же өзүнүн кассасы аркылуу элге сатылган менчик өндүрүштүк продукция сатуу баалары боюнча (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) 202-сап боюнча көрсөтүлөт. Ошол эле көлөмдө, ал продукция иштердин негизги түрү эмес болуп саналса, жана ошол продукциянын жыйынтыгы болгон иштердин ошол түрү боюнча ал 1.1-Бөлүмдө көрсөтүлөт.

Иштетип алма чийки заттан (даярдоочу-ишкана тарабынан төлөнбөй турган, тапшырыкчынын (заказчынын) чийки заттан жана материалдарынан) иштелип чыккан продукциясы, даярдоочу-ишкана тарабынан өзү өндүргөн товарлардын (өз күчү менен аткарылган иштеринин жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн) иштетилген наркы боюнча, башкача айтканда, тапшырыкчынын (заказчынын) чийки затынын жана материалдарынын наркысыз, товарлардын жүктөлүп жөнөтүлгөн көлөмүнө киргизилет.

Юридикалык жактар - чийки заттын жана материалдардын менчик ээлери, башка ишканаларда аларды кайрадан иштеүүгө жана даяр продукцияны сатууга карата тапшырмаларды жайгаштыруучулар, алардын тапшырыктары боюнча башка ишканалар тарабынан алардын өздүк чийки заттарынан жана материалдарынан (алардын өз күчтөрү менен өндүрүлгөн же башка жактан сатылып алынган) өндүрүлүп жүктөлгөн товарлардын көлөмү 202-сап боюнча чагылдырылат. Ушул эле көлөмдөр 204-сап боюнча да көрсөтүлөт.

***Айыл-чарба иш-аракеттери боюнча*** башка юридикалык жана жеке жактарга менчик өндүрүштүн сатылган (жүктөлүп жеткирилген) продукциясынын бардык наркы көрсөтүлөт. Ушул сап боюнча төмөнкү продукциялар да эсепке алынат: буфеттер, дүкөндөр жана башка ар түрдүү чекене соода обьектилери аркылуу (анын ичинде арзандатылган баалар боюнча) өз кызматкелерине, башка тараптан тартылган жактарга жана элге сатылган; эмгек акыны нак төлөө тартибинде жана ижирага алынган жер үлүштөрү үчүн ижара акынын эсебине берилген; алмашуу келишими боюнча чыгарылган, товардык кредитти төлөө эсебине, жаныбарларды ижаралоо жана алынган нак ссудаларды кайтаруу эсебине кеткен продукциялар эсепке алынат. Мындан тышкары, жаныбарларды ижарага берүүдөн алынган ижара акысы кирет.

Керектөөчүлөрдүн (элдин, юридикалык жактардын) арасында сатылып алына турган энергияны (электр жана жылуулук), сууну, бөлүштүрүү (менчик же ижарага алынган) торлору боюнча сатып алына турган газды транспортировкалоону жана бөлүштүрүүнү өз күчү менен жүргүзүүчү уюмдар 202-сап боюнча энергияны, сууну, газды берүү, транспортировкалоо жана бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын чагылдырат.

Энергияны, сууну, газды (аларды өз күчтөрү менен транспортировкалоо жүргүзбөстөн) кайрадан сатуулар ушул сапта чагылдырылбайт, алар 207-сап боюнча көрсөтүлөт.

***Коомдук тамак-аш*** обьектилери (ресторан, кафе, бар, ашканалар) боюнча өздүк кулинардык продукциялардын (тамак-аш түрлөрү, кулинардык азыктар) сатылган наркы, ошондой эле сатылган кондитердик жана нан азыктары, жемиштер, алкоголдук, алкоголсуз суусундуктар жана негизинен жеринде керектөө үчүн дайындалган, менюга киргизилген, сатып алына турган башка товарлар ушул сап боюнча чагылдырылат. Сатып алына турган товарлар, эрежедегидей, өздүк кулинардык азыктарга кошумча ассортимент болуп саналат, бирок коомдук тамак-аш объектисинин (мисалы, театрлардагы, кинотеатрлардагы, казинодогу, жана башка оюн-зоок жайларындагы бар же кафелердин) менюсунда алар басымдуу болушу да мүмкүн.

Ушул эле сап боюнча коомдук тамак-аш продукциясын керектөөчүлөрдүн тапшырыктары боюнча жумуш ордуна, үйгө, банкеттерди, үйлөнүү тойлорду, кабыл алууларды тейлөө үчүн, ошондой эле социалдык тармактагы уюмдарга (мектептерге, ооруканаларга, санаторийлерге, карылар үйлөрүнө жана башкаларга), кургак жер, аба, суу транспорт жолдорундагы соода уюмдарына жана транспорттук ишканаларга (өздүк өндүрүштөн сатылган кулинардык продукциялар жана кошумча иштетүүсүз керектөөгө даяр, сатып алына турган товарларды) жеткирүүдөн түшкөн киреше чагылдырылат.

202-сап боюнча чагылдырылган (өздүк өндүрүштөн сатылган кулинардык продукциянын жана кошумча иштетүүсүз керектөөгө даяр сатып алына турган товарлардын) коомдук тамак-аш продукциясынын наркы, эгерде, иш-аракеттин ушул түрү иш-аракеттин негизги түрүнөн айырмаланса, ЭИМК (56.21.0-56.29.0) тийиштүү коду менен 1.1-Бөлүмдө көрсөтүлөт.

Дарыканалар тарабынан даярдалып чыгарылган дары-дармек каражаттары элге, юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге жеткирилген наркы, эгерде, дары-дармектерди сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркында, ошондой эле “Оптика” дүкөндөрү тарабынан даярдалган жана сатылган көз айнектердин жана аларды оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркында, дарыканалар тарабынан аларды алдын ала сатып албастан, дарыларды акысыз жана арзандатуу менен берилүүчү рецептер боюнча даяр дарыларды сатуу үчүн комиссиялык сыйлык акы өлчөмүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 202-сап боюнча чагылдырылат. Башка юридикалык жана жеке жактарга өз күчтөрү менен аткарылган жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр да 202-сап боюнча көрсөтүлөт.

Пайдалуу кендерди казып алуу жана өндүрүштөрдү иштетүүчү тармактагы иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы, айыл чарбасы, токой чарбасы, балык уулоо жана аңчылык, балык өндүрүүгө байланышкан кызмат көрсөтүүлөр, токойлорду калыбына келтирүү, өз күчтөрү менен аткарылган санитардык кыюулар жана токойду карап багуу тармагындагы иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн

наркы, аларды тапшырыкчы тарабынан кабыл алгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде ушул сап боюнча чагылдырылат.

Мал союу жана союлган малдын этин кайра иштетүү менен иш жүргүзгөн уюмдар, малды атайын мал союучу жайларда же шартсыз андай эмес жайларда союлгандыгына карабастан, өндүрүлгөн жана жүктөлүп жөнөтүлгөн эт жана эт азыктарынын бүт көлөмү 202-сап боюнча чагылдырылат.

Өздүк керектөө үчүн эмес өз күчү менен гана (субподряд келишими боюнча аткарылган иштерсиз жана кызмат көрсөтүүлөрсүз) аткарылган курулуш (анын ичинде оңдоо-курулуш) мүнөзүндөгү иштер жана кызмат көрсөтүүлөр, аткарылган иштердин наркы жана тапшырыкчылар тарабынан алар кабыл алынгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде 202-сап боюнча чагылдырылат. Ушул иштердин наркына тапшырыкчылар менен түзүлгөн келишимдердин жана/же контракттардын негизинде аткарылган жаңы объекттердин курулушу, капиталдык жана учурдагы оңдоо, турак-жай жана турак-жай эмес имараттарды жана инженердик курулуштар боюнча иштер киргизилет.

***Чалгындоо бургулоо иштери боюнча*** иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы тапшырыкчылар тарабынан алар кабыл алынгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде 202-сапка киргизилет, болбосо, 362-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, отчеттук мезгил ичинде иштерди өндүрүү учурунда курулуш уюму (подрядчы) тапшырыкчынын материалдарын колдонсо жана алардын наркы аткарылган иштердин наркы жөнүндөгү маалымдамада (справкада) чагылдырылса, анда ошол материалдардын наркы 202-сап боюнча эсепке алынат, ушуларга каршы учур болсо 362-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, уюм, ошол уюмдун алдындагы бөлүмдөр тарабынан өндүрүлгөн материалдарды колдонуу менен ***курулуш, монтаждоо жана башка иштерди*** жүргүзсө, анда ошол материалдардын наркы курулуш подряддык келишимдери боюнча өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын көлөмүнөн чыгарылбайт.

Эгерде, уюм аларды андан ары башка юридикалык же жеке жактарга сатуу максатында өз күчтөрү менен турак үйлөрдү жана турак жай эмес имараттарды курууларды жүргүзсө, алар 1640 «Даяр продукция», 6100 «Киреше» эсептеринин корреспонденциясында аларды кийин эсептен чыгарып жок кылуу менен продукцияны (жумушту, кызмат көрсөтүүнү) өндүрүүгө кеткен чыгымдар бүткөрүлбөгөн өндүрүштүн чыгымдары катары (1630 эсеп) эсепке алынат, анда аткарылган иштердин көлөмү ушул бөлүктөгү 202-сап боюнча чагылдырылат, ушул эле учурда курулуш иштердин негизги түрү болуп саналбаса, тийиштүү ЭИМК 41.20.0 коду менен 1.1-Бөлүмдөгү сап толтурулушу керек. Бул учурда 217-сап толтурулбайт.

Турак үйлөрдү жана турак жай эмес имараттарды юридикалык жана жеке жактарга (анын ичинде үлүштөгүлөр) сатуудан түшкөн киреше, «курулуш» иштеринин түрүнө кирет жана, тиешелүүлүгүнө жараша, ушул бөлүктүн 202-сап боюнча чагылдырылат.

Тапшырыкчы (курулушчу) жана подрядчынын милдеттерин биргелешип уюштуруу учурунда өз күчтөрү менен аткарылган турак үйлөрдү курууга, курулуш мүнөзүндөгү иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына карата чыгымдарды түзүү учурунда кабыл алынган эсепке алуу саясатынан көз карандысыз ушул

бөлүктөгү 202-сап боюнча жана тийиштүү ЭИМК 41.20.0 коду менен 1.1-Бөлүмү боюнча чагылдырылат. Бул учурда 217-сап толтурулбайт.

Чарбалык ыкма менен аткарылган имараттар жана курулуштар боюнча курулуш-монтаждоо иштеринин наркы 202-сап боюнча чагылдырылбайт, алар 217-сап боюнча көрсөтүлөт. Ошондой эле өндүрүшкө карата чыгымдардын эсептеринде алар боюнча бухгалтердик эсепке алынбагандар боюнча чыгымдар, менчик жана ижарага алынган имараттар, курулуштар, жабдууларды оңдоо боюнча уюмдун өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын наркы 202-сап боюнча чагылдырылбайт.

Кабыл алуу-өткөрүү актылары боюнча тапшырыкчылар тарабынан кабыл алынган жана илимий изилдөө жана техникалык иштеп чыгуулар тармагындагы өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 202-сап боюнча чагылдырылат.

***Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр*** жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү ташуу келишимин же фрахтовкалоо келишимин, транспорттук экспедиция келишимин жана башкаларды аткаруунун негизинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр ушул сап боюнча чагылдырылат.

***Байланыш ишканалары*** мезгилдүү басылмаларга жазылуучу жана аларды элге жеткирүүчү байланыш ишканалары, жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын 202-сап боюнча көрсөтүшөт. Жазылгандардан алынган жана басмаканага кайтарууга жаткан басылмалардын наркы ишканалар тарабынан көрсөтүлгөн 202-, жана 207-саптар боюнча чагылдырылбайт.

***Турак-жай коммуналдык чарба тармагындагы башкаруучу уюм*** (мындан ары - ТКЧ) өз күчтөрү менен аткарган, ошондой эле турак жай фондун иштетүү, кармоо жана оңдоо, коммуналдык кызматтарды көрсөтүү боюнча башка уюмдарды ишке тартуу менен кызматтар көрсөтүлгөн бардык керектөөчүлөргө сатуудан түшкөн кирешелердин жалпы суммасын 202-сап боюнча көрсөтөт. Муниципалдык менчикке кабыл алынган ТКЧ объектилери боюнча бюджеттен субсидиялар эепке алынбайт, ал экономикалык негизделгендердин жана колдонуудагы тарифтердин ортосундагы айырманы компенсациялайт.

Турак-жай менчик ээлеринин шериктештиги (мындан ары - ТМЭШ) жана турак-жай курулуш коопертативдери (мындан ары - ТКК) жалпы мүлктү (жайларды, жарнактар үчүн орунду ж.у.с.) ижарага берүүдөн, башка юридикалык жана жеке жактарга консультациялык жана башка маалыматтык кызматтарды көрсөтүүдөн, ошондой эле башка тарапка жумуштарды аткаруудан түшкөн кирешелерди чагылдырат. Турак-жай фондун иштетүү, кармоо жана оңдоо боюнча ТККнын иштери ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Коммуналдык төлөмдөрдү эсептөө жана жыйымдарды жүргүзүүчү уюмдар, коммиссиялык сыйлыктын суммасын 202-сап боюнча көрсөтөт.

Ушул сап боюнча радио жана телеберүү тармагындагы иш-аракеттер боюнча радио жана телепрограммаларды өндүрүүгө карата чыгашалар, ошондой эле жарнактык убакытты сатуудан түшкөн кирешелер көрсөтүлөт. Программаларды тартууга карата укуктарды сатуудан түшкөн кирешелер ушул сапта чагылдырылбайт.

Тапшыруу келишимдеринин негизинде башка жактын кызыкчылыгы үчүн бүтүмдөрдү жүргүзүү учурунда сыйлык акынын өлчөмүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 202-сап боюнча көрсөтүлөт.

Туроператордун иш-аракетттери боюнча элге жана уюмдарга түзүлгөн жана сатылган турлардын (туристтик продукттардын) наркы көрсөтүлөт.

Турагенттик иш-аракеттер боюнча же комиссиялык (агенттик) сыйлыктын өлчөмү же турдун сатылуучу жана сатып алына турган наркынын ортосундагы айырмасы чагылдырылат (тур агент тур уюштуруу боюнча иш алып барбайт же туристтердин же башка тапшырыкчылардын алдында жоопкерчилик тартпайт, ал бир гана тур оператордон сатылып алынган туристтик продуктту өзүнүн атынан алдыга жылдырат же сатат, же тур оператордун атынан жана анын тапшырмасы боюнча агенттик келишимдин негизинде туристтик продуктту сатат).

Менчик мүлкүн (уюмдун теңдеминде (балансында) турган) ижарага берүүдөн кирешелер, ошондой эле субаренда боюнча кирешелер, ишкана үчүн бул иш-аракет негизги болуп саналабы же жокпу, андан көз карандысыз, ушул сап боюнча чагылдырылат. Ижарага бөрүүдөн түшкөн кирешеге, ижара акыларынан башка, эгерде, алар ижаралык акыга киргизилбеген болсо, ижарадагы мүлктү колдонууга байланыштуу, ижарачылардын бардык башка төлөмдөрү (электр энергиясы, жылуулук энергиясы, суу жана башка төлөмдөр) кирет.

Эгерде, иш-аракеттердин башка түрлөрү менен катар финансылык эмес уюм финансылык иш-аракеттер боюнча кызматтарды көрсөтсө, жана иш-аракеттердин кадимки эле түрлөрүнөн алынган кирешелер сыяктуу эле, ал киреше бухгалтердик эсепте таанылса, кызматтары, кадимки иш-аракеттердин кирешелериндей эле бухгалтердик эсепке алынса, анда ушул кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 202-сапта чагылдырылышы керек. Мисалы, финансылык ижара (лизинг) формасындагы кызмат көрсөтүүлөр үчүн алына турган лизингдик төлөмдөр (лизинг буюмунун сатып алынган наркысыз) чагылдырылат. Ушул эле сумма (ижарага алынган мүлктүн сатып алуу наркы) Бул сумма 1.1-Бөлүмүндө ЭИМК 64.91.0 тийиштүү коду менен чагылдырылышы керек.

Ошондой эле, бул сап боюнча байланыш, саламаттыкты сактоо, билим берүү, тиричилик техникаларды жана жеке колдонуучу буюмдарды оңдоо, персоналдык кызмат көрсөтүүлөр, мейманкана кызматтары, эсептөөчү техинканы жана маалыматтык технологияларды колдонууга байланышкан иш-аракеттер, эс алуу жана оюн-зооктор, маданий жана спорт, холдинг-компанияны башкарууну жана ушул сыяктуу кызматтарды уюштуруу боюнча иш-аракеттер тармагында башка юридикалык жактарга жана элдерге кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн киреше чагылдырылат.

Коммерциялык уюмдар тарабынан түзүлгөн маданият, билим берүү, спорт мекемелери, каржылоо булактарынан көз карандысыз, толук көлөмдө башка тарапка көрсөтүлгөн кызматтардын наркын чагылдырат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу (мындан ары - ФОМС) программасынын чегинде камсыздандырылган жактарга көрсөтүлгөн кызматтардын наркы медициналык уюмдар тарабынан 202-сап боюнча чагылдырылат. Ушул эле сумма тийиштүү ЭИМК коду менен 1.1-Бөлүмүндөгү “Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды көрсөтүү” бөлүгүндө чагылдырылат. ФОМС программасынын чегинде медициналык уюмдар тарабынан камсыздандырылган жактарга көрсөтүлгөн кызматтардан иш жүзүндө келип түшкөн акча каражаттары жөнүндө маалыматтарды чагылдырат.

Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн акысы, иш-аракеттердин ошол түрлөрүн жүргүзүүчү уюмдар тарабынан 202-сап боюнча чагылдырылган, башка тарапка көрсөтүлө турган кызматтардын жалпы көлөмүнө киргизилет.

Лотерея билеттеринин наркын, аталган каражаттардын көрсөтүлгөн түрлөрүнүн акыларын, көрсөтүлгөн кызматтарды сатуу жүргүзгөн уюмдар 202-сап боюнча комиссиялык сыйлыктын суммасын көрсөтүшөт.

Алмашуу (бартер) келишими, товардык кредит жана эмгек акынын эсебинен өзүнүн кызматкерлерине бериле турган, жибериле турган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, баалана турган товарлар (кызматтар), жүктөлгөн (аткарылган) мезгилде эсептелген, ошондой эле же ага окшош товарларды жана кызматтарды сатуу учурунда орточо баада бааланат, ал эми, эгерде, ошондой же ага окшош продукцияларды (кызматтарды) сатуу жок болсо, анын акыркы сатылган баасы алынган мезгилдеги баада, бирок иш жүзүндөгү өз наркынан төмөн эмес баада бааланат.

Экспортко коюла турган товарлар (аткарылган иштер, көрсөтүлгөн кызматтар), товарлар жүктөлүп жиберилген датага карата - КНСсиз, акцизсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз (аткарылган иштер, көрсөтүлгөн кызматтар) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында котирвкалана турган сомдун курсу боюнча кайра эсептелген контракттык баалар боюнча киргизилет.

Ушул сап боюнча төмөнкүлөр чагылдырылбайт: өздүк эмес өндүрүштүк сатылган товарлардын наркы, ошол юридикалык жактын башка бөлүмдөрүнө берилген товарлардын наркы, ошол юридикалык жактын бир бөлүмүнүн башка бөлүмдөрүнө көрсөтүлгөн кызматтары, алмашуу (бартер) келишими боюнча алынган прдукцияны сатуудан кирешелер, аны алдын ала кайра иштетилбеген, товардык кредит; керектөөчүлөргө товарларды (жумуштарды, кызматтарды) акысыз берилген наркы, ошондой эле негизги каражаттардан, материалдык эмес активдерден, материалдык-өндүрүштүк запастар (анын ичинде негизги каражаттарды чачыратуунун натыйжасында алынган материалдар), валюталык баалуулуктар, баалуу кагаздар, ошондой эле башка уюмдардын уставдык капиталдарга катышуусуна байланышкан келип түшүүлөр (баалуу кагаздар боюнча пайыздар жана башка кирешелер) чагылдырылбайт.

**202-саптын** ичинен **203-сап боюнча** экспортко коюлган товарлардын жана кызматтардын наркы белгиленет; **204-сап боюнча** - ошол ишкана-тапшырыкчынын чийки заттарынан жана материалдарынан башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан өндүрүлгөн, жүктөлгөн товарлардын наркы; иштетилген заттардын жана материалдардын кардар тараптан жүктөлгөн товарларынын наркы; **205-сап боюнча** - төлөнбөй турган (иштетип алма) чийки затты кайра иштетүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын наркы; **206-сап боюнча** - түзүлгөн келишимдерге (контракттарга) ылайык өз күчтөрү менен аткарылган имараттардын жана курулуштардын капиталдык жана учурдагы оңдоо боюнча иштери, анын ичинде элдин тапшырыктары (заказдары) боюнча оңдоо белгиленет;

**206-сапты** толтуруу учурунда курулуштарга инженер-курулуш обьектилери; автострадалар, авто-, темир жолдору, көпүрөлөр, эстокадалар, түтүк өткөрүүчүлөр, байланыш линиялары (зымдары), спорттук курулуштар жана башкалар да кире тургандыгын эске алуу керек.

**207-сап боюнча** кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган товарлардын: алардын наркы сатылган продукциянын өздүк наркына киргизилбейт,

тескерисинче сатып алуучулар тарабынан өзүнчө калыбына келтирилүүгө жаткан, кайра сатуу үчүн же комплектациялоо үчүн дайындалган даяр буюмдар, атайын сатып алына турган буюмдар, материалдар, продукттар чагылдырылат. Мындай товарларды сатып алуу 1610 “Товарлар” жана 1691 “Сатылбаган соодалык үстөк баа” эсептери боюнча чагылдырылган.

Транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды тартуу менен энергияны, газды, сууну кайра сатуу 207-сап боюнча көрсөтүлөт.

Сатып алынуучу газды акыркы керектөөчүлөрдүн арасында сата турган уюмдар (аны өндүрүштүк же коммуналдык макстаттарга колдонууучу эл жана уюмдар) аны түйүндөр боюнча транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды ишке тартуу аркылуу 207-сап боюнча сатылган газдын наркы чагылдырылат. Башка жактан сатылып алынган газ жана отунду экспорттоочу же газ бөлүштүрүүчү уюмдарга, ошондой эле газды кошулмалардан тазалоо жүргүзүүчү уюмдарга, жеке ишкерлерге аны кайра сатуу жүргүзгөн уюмдарга, ошондой эле суюлтулган газды өндүрүүчү же баллондорго газды толтуруучулар тарабынан сатылган газүлгүсүндөгү күйүүчү майдын наркы 207-сап боюнча чагылдырылат, ал эми 1.1-Бөлүмүндө - эгерде, бул иш-аракеттин негизги түрү эмес болуп эсептелсе - ЭИМК 46.71.1 коду боюнча чагылдырылат.

Элге баллондордогу газды, көмүрдү, жыгач отунду сатуучу уюдар, сатуунун бүт наркын 207-сап боюнча чагылдырат, ал эми ал негизги өндүрүш болбосо 1.1-Бөлүмүндө - ЭИМК 47.78.0 коду менен чагылдырылат.

Комисиянын келишимдери, тапшырмалары боюнча же агенттик келишимдер боюнча башка жактын кызыкчылыктарында соода иштерин жүргүзүүчү уюмдар (коммиссионерлер, текшерүүчүлөр, агенттер) 207-сапты толтурбайт, себеби 207-сап боюнча сатылган товарлардын наркын ошол товарлардын ээлери - комитенттер, ишеним кат берүүчүлөр, принципалдар болуп саналган уюмдар тарабын чагылдырылат.

Ушул сап боюнча коомдук тамак-аш уюмдары (ресторандар, кафе, барлар, ашканалар, закусочныйлар жана башкалар) тарабынан өзүнүн чекене соода объектилери: дүкөндөр, павильондор, чатырлар, киосктор жана ушуга окшош объекттери аркылуу элге сатылган кондитердик жана нан азыктары, жемиштер, суусундуктар, жана кулинардык иштетүүсүз сатып алына турган башка товарлар чагылдырылат.

Жеринде керектөө үчүн ресторандардын, кафенин, барлардын, ашканалардын, закусочныйлардын тамактануу залдарында сатылган жана менюга киргизилген ага окшош товарлар 202-сап боюнча көрсөтүлөт.

Эгерде, коомдук тамак-аш уюму кулинардык иштетүүсүз сатып алына турган товарларды профессионалдык колдонуу (кайра иштетүү же андан ары сатуу) үчүн юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге кайра сатса, анда алардын наркы, анын ичинде соодадагы үстөк баа дагы 207-сап боюнча чагылдырат. Алмашуу (бартер) келишими боюнча алынган товардын, ошондой эле товардык кредит келишими боюнча кайра иштетүүсүз башка тарапка сатылган товарлар, эмгек акынын эсебинен өзүнүн кызматкерлерине сатылган товарлар 207-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, алардын сатылып алынышы “Товарлар” 1610 эсепте, ал эми сатуу - “Киреше” 6100 эсебинде эсепке алынса, анда кайра сатуу үчүн сатылып алынган кыймылсыз мүлк объектисинин сатылган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат.

Куруучу-уюмдар (тапшырыкчылар) курулушка тартылган подряддык курулуш уюмдары тарабынан курулган кыймылсыз мүлк объекттеринин сатылган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат. Көрсөтүлгөн мүлктүн сатып алына туран наркы 301-жана/же 306-сап боюнча чагылдырылышы керек. Куруучу-уюмдар (тапшырыкчылар) кыймылсыз мүлк обьектисинин курулушу боюнча кеткен чыгымдардын суммасын 301-сап боюнча чагылдырат.

**207-сап** боюнча маалыматтар КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз, иш жүзүндө сатылуучу бааларда көрсөтүлөт.

Өздүк негизги каражаттар, материалдык эмес активдер, валюталык баалуулуктар, баалуу кагаздар, ошондой эле башка уюмдардын уставдык капиталдарына (анын ичинде баалуу кагаздар боюнча пайыздарга жана башка кирешелерге) катышууга байланышкан башка келип түшүүлөр ушул сап боюнча көрсөтүлбөйт.

**207-саптын** ичинен алып кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, кийин сатылган электр энергиясынын наркы **208-сап боюнча** белгиленет, алып сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, кийин сатылган жылуулук энергиясынын наркы **209-сап боюнча** белгиленет. 208-, 209-саптарды аларды транспортировкалоо үчүн башка түйүндүк уюмдарды тартуу аркылуу керектөөчүлөрдүн арасында энергияны туруктуу негизде алып кайра сатуу жана энергоресурстарды бөлүштүрүү жүргүзүүчү уюмдар толтурат.

Алып сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, кийин сатылган газдын наркы **210-сап боюнча** белгиленет. Аларды транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды тартуу менен акыркы керектөөчүлөрдүн арасында газ үлгүсүндөгү күйүүчү майды туруктуу негизде алып кайра сатуучу жана аны бөлүштүрүү жүргүзүүчү уюмдар толтурат.

208-210-саптарды толтуруу учурунда 4-Бөлүмдөгү маалыматтар, тиешелүүлүгүнө жараша, 413- 415 саптар боюнча чагылдырылат.

Алып сатуу үчүн сатылган (же подряддык курулуш уюмдары тарабынан тартылган ишкананын тапышырыгы боюнча курулган) кыймылсыз обьекттердин наркы **211-сап боюнча** белгиленет.

Өзү өндүрбөгөн материалдык-өдүрүштүк запастар: чийки заттар, материалдар (анын ичинде негизги каражаттарды чачыратуунун натыйжасында алынган материалдар), сатылып алынуучу жарым фабрикаттар, комплектөөчү буюмдар, күйүүчү май, куту жана куту материалдары, запастык бөлүктөр, курулуш материалдары, инвентарлар, атайын кийим жана атайын жабдуулар, чарбалык буюмдар, продукция өндүрүшү үчүн башка жактан сатылып алынган, бирок өндүрүш процессинде колдонулбаган башка материалдар, ошондой эле өндүрүштүк запастын эсептеринде эсепке алынган чийки заттын жана материалдардын калган сыныктары, кесиндилери жана ашыкчаларынын башка жакка сатылган наркы **212-сап боюнча** чагылдырылат.

Ушул сап боюнча жалпы чарбалык жана башкаруучулук муктаждыктар үчүн сатылып алынган, бирок пайдаланылбаган, ал эми кийин ал башка жакка сатылган, материалдык баалуулуктардын наркы да чагылдырылат.

Ушундай менчик өндүрүштүк эмес материалдык-өндүрүштүк запастардын сатылып алына турган наркы 335–сап боюнча чагылдырылат.

Профессионалдык колдонуу (кайра иштетүү же кийин андан ары сатуу) үчүн юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге, ошондой эле өзү өндүрбөгөн

материалдык-өндүрүштүк запастардын элге сатылган наркы, экономикалык иш-аракеттердин түрлөрүнүн Мамлекеттик классификаторуна ылайык, дүң жана чекене соода иш-аракеттеринин түрлөү боюнча 1.1 бөлүгүндө көрсөтүлөт.

"Чийки заттын жана негизги материалдардын запастары" 1620 эсеп жана "Жардамчы материалдардын запастары" 1700 эсептеринин корреспонденциясында "Операциялык иш-аракеттерден түшкөн башка кирешелер" 6200 эсебинде эсепке алынган, өзү өндүрбөгөн материалдык-өндүрүштүн запастарынын сатылган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат.

Башкы подрядчы-уюм субподряддык келишим боюнча субподрядчы тарабынан аткарылган жана кабыл алынган курулуш мүнөзүндөгү иштердин (КНСсиз) наркын **213-сап боюнча** чагылдырат. Башкы подрядчы тарабынан бул көлөмдөр 202-сап боюнча эсептелбейт. 213-сап башка юридикалык жана жеке жактарды (субподрядчыларды) жумуштарды аткарууга тартылган башкы подрядчы тарабынан толтурулат.

Субподряддык келишими боюнча башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан аткарылган өндүрүштүк иштерди, курулуш мүнөзүндөгү кызматтарды чагылдыруу үчүн негиз болуп, башкы подрядчы жана субподрядчы тарабынан кол коюлган документ (аткарылган иштердин наркы жана чыгымдар жөнүндөгү аныктама (справка)) саналат. Монтаждоо жана технологиялык жабдууларды оңдоо боюнча иштердин наркы ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Башкы подрядчы-уюм субподряддык келишими боюнча субподрядчы тарабынан аткарылган жана кабыл алынган илимий-техникалык мүнөздөгү иштердин (КНСсиз) наркын **214-сап боюнча** чагылдырат. Башкы подрядчы тарабынан бул көлөмдөр 202-сап боюнча эсептелбейт. 214-сап боюнча башка юридикалык жана жеке жактарды (субподрядчыларды) жумуштарды аткарууга тартылган башкы подрядчы тарабынан толтурулат.

Субпоряддык келишими боюнча үчүнчү уюм тарабынан аткарылган жана **213-214-саптар** боюнча чагалдырылган иштердин көлөмү өндүрүштүн чыгымдарына киргизилбеши керек, ошондуктан башкы подрядчы тарабынан "Өндүрүшкө жана продукцияны (товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатууга карата чыгашалар" боюнча 3-Бөлүмдө эсепке алынбайт.

Бухгалтердик отчеттуулукта негизги каражаттардын курамында эсепке алынган (КНСсиз) наркы боюнча отчеттук мезгилде ишкананын башка каражаттарына которулуп эсептелген өздүк өндүрүштүн өнөр-жай продукциялары (товарлары) **215-сап боюнча** көрсөтүлөт.

Бухгалтердик отчеттуулукта негизги каражаттардын курамында эсепке алынган (КНСсиз) наркы боюнча ишкананын башка каражаттарына отчеттук мезгилде которулуп эсептелген өздүк өндүрүштүн айыл-чарба продукциялары (жумушчу, продуктивдүү жана асыл тукум мал жана көп жылдык көчөттөр) **216-сап боюнча** көрсөтүлөт.

Өздүк керектөө үчүн аткарылган (чарбалык ыкма менен) курулуш-монтаждоо иштеринин наркы **217-сап боюнча** көрсөтүлөт.

Чарбалык ыкма менен аткарылган курулуш-монтаждоо иштерине (анын ичинде монтаж жана имараттарды иштетүү үчүн керектүү жабдууларды тууралоо, мисалы; жылуулук берүү, желдетүү, лифт, электр-, газ- жана суу менен камсыздоо системалары үчүн жабдууларды орнотуу жана монтаждоо) уюмунун өз күчтөрү менен өзүнүн керектөөлөрү үчүн жүргүзүлө турган иштер, анын ичинде курулуштун

наряддары боюнча уюм аларга эмгек акы төлөп берүү менен курулуштун негизги иштерине жумушчуларды бөлүп берүү менен аткарыла турган иштер, ошондой эле өзүнүн жеке курулушу боюнча курулуш уюмдары тарабынан аткарылган иштер (подряддык келишимдердин чегинде эмес, мисалы, менчик административдик-чарбалык имаратты реконструкциялоо учурунда, менчик өндүрүштүк базаны куруу учурунда жана ушул сыяктуу) иштер кирет.

Эгерде, курулушту чарбалык ыкма менен жүргүзүү учурунда айрым иштерди подряддык уюмдар аткарса, анда ал жумуштардын наркы 217-сапка киргизилбейт. Өндүрүшкө карата чыгашалар эсептеринде бухгалтердик эсепке алынган алар боюнча чыгашалар уюмдун өз күчү менен аткарылган менчик же ижарага алынган имараттарды, курулуштарды, жабдыктарды оңдоо боюнча иштердин наркы да 217-сап боюнча чагылдырылбайт.

Кайра кайтаруусуз, акысыз негизде башка юридикалык жана жеке жактарга өткөрүлүп берилген, өндүрүлгөн продукциянын наркы **218-сап боюнча** келтирилет.

Керектөөчүлөргө акысыз өткөрүлүп берилүүчү, жөнөтүлө турган товарлар жана көрсөтүлө турган кызматтар, ушундай же ушуга окшош товарларды (кызматтарды) жана баалана турган товарлардын (кызматтардын) жөнөтүлгөн (аткарылган) мезгилиндеги эсептелген кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун орточо баасы боюнча, ал эми ушундай же ушуга окшош товарларды (кызматтарды) сатуу жок болсо, алардын акыркы сатылган баасы боюнча, бирок иш жүзүндөгү өзүнүн наркынан төмөн эмес бааланат.

Айыл чарба иш-аркеттерин жүргүзүүчү ишканалардын жеке өзүдөрүнүн муктаждыктары үчүн дайындалган, өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн жана мал өндүрүшүнүн даяр продукциясын (чөп, силос, сенаж, музоого берилүүчү сүт, инкубаторго берилүүчү жумуртка, саман, кык ж.б.) уюштурууда өндүрүлгөн иш жүзүндөгү наркы **219-сап боюнча** чагылдырылат. Ушул эле учурда, уюмдардын муктаждыктары үчүн дайындалган, өз күчтөрү менен аткарылган продукциянын наркына сезондук жана убактылуу жумушчулардын, ошондой эле айыл чарба иштерине тартылган жактардын жардамы менен даярдалган продукциялар да киргизилет.

Бүткөрүлбөгөн өндүрүштүн курамындагы өндүрүштүк-материалдык запастар, ошондой эле өндүрүүдөгү жана семиртип багуудагы жаныбарлар (мал) бул сапта чагылдырылбайт.

Андан ары иштетүү үчүн өзүнүн айыл чарбалык эмес бөлүмдөрүнө берилген жеке менчик өндүрүштүн айыл чарба продукциясынын наркы (иш жүзүндөгү өздүк наркы) **220-сап боюнча** келтирилет. Мисалы, сүт азыктарын өндүрүү боюнча кайра иштетүү цехи үчүн берилген чийки сүт; ун өндүрүү үчүн тегирменге беилген буудай жана башкалар.

Менчик ашканага, мектепке, дүкөнгө жиберилген менчик өндүрүштүн айыл чарба продукциясы бул сап боюнча чагылддырылбайт.

**221-сап боюнча** өз күчтөрү менен аткарылган курулуш жана монтаждоо иштерин аткарууда колдонуу үчүн аталган уюмдун өз күчтөрү менен өндүрүлгөн курулуш материалдары жана конструкцияларынын иши жөнүдөгү наркы келтирилет.

Өндүрүштөгү курулуш, монтаждоо жана башка иштердеги курулуш материалдары жана конструкцияларды курулуш өндүрүшүндө колдонуу, ушул уюмдун көмөкчү бөлүмдөрү тарабынан даярдалган, алардын аткарган жумуштардын көлөмүнө жараша ушул сап боюнча алардын наркы чагылдырылат, подрядчы

келишими боюнча өз күчтөрү менен аткарган же\жана курулуш-монтаждоо иштерин (202-сап) чарбалык жол менен аткарылган (217-сап) иштери чагылдырылбайт.

Курулуш материалдарын жана конструкция өндүрүшүн ишке ашыруучу, өз алдынча бөлүмдөрү бар курулуш уюмдары, ушул юридикалык жактын өндүрүшүнүн курулушта колдонулган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат. Ушундай продукциялар тууралуу 1.1-Бөлүмдө белгиленип турат.

***Мисалы (шарттуу):***

«А» уюмунун пескоблок, брусчатка өндүрүү боюнча №1 түзүмдүк бөлүгү бар. Ушул №1 бөлүм отчеттук жылдарда 8 млн даана пескоблок өндүргөн. Өндүрүшкө кеткен продукциянын чыгымынын бир даанасынын чыныгы баасы 7 сомду түздү. Отчеттук жылдары «А» уюму башка юридикалык жакка 3 млн даана пескоблоктун бир даанасын орточо 7,2 сом баасында сатты.

Ушул отчеттук жылдарда подрядчы келишими боюнча өз күчтөрү менен аткара турган курулуш объектисине пайдалануу үчүн №1-Бөлүм №2-Бөлүмгө 5 млн даана пескоблок өткөрүп берди. Курулуш-монтаждоо иштеринин аткарылган жана кабыл алган тапшырыктарынын көлөмү 315000 сомду түзөт.

Мындай учурда «А» уюму 35000 миң сомду 221-сап боюнча чагылдырылат. (5 млн. даана х 7 сом); ушуну менен катар 336600 миң сом 202-сап боюнча (3 млн. даана х 7,2 сом + 315000 мин. сом) көрсөтүлөт.

**222-сап боюнча** башка юридикалык жана физикалык жактардын курулуш жана монтаждоо иштерин аткаруудагы өз күчтөрү менен өндүргөн курулуш жана монтаждоо иштеринин чыныгы наркы келтирилет.

***Мисалы (шарттуу):***

«А» уюму отчеттук жылдары 5 млн даана брусчатка өндүрдү. Өндүрүшкө кеткен продукциянын чыгымынын бир даанасынын чыныгы баасы 7 сомду түздү. Отчеттук жылдары «А» уюму башка юридикалык жакка 1 млн даана пескоблоктун бир даанасын орточо баада 7,2 сомго сатты, ал эми 4 млн даана брусчатканы «В» уюмуна подряддык келишим боюнча курулуш объектиси үчүн өткөрүп берди. «В» уюму курулуш объектиси үчүн «А» уюмунун брусчаткаларын толук колдонду.

Бул учурда «А» уюму 222-сап боюнча 28000 миң сомду (4 млн. даана х 7 сом), ушул эле учурда 202-сап боюнча - 7200 миң сомду (1 млн. даана х 7,2 сом) жана 363-сап боюнча - 28000 **миң** сомду (4 млн. даана х 7 сом) чагылдырат.

Учурдагы өндүрүш менен байланыштуу бюджеттин субсидиялары **223-сап боюнча** чагылдырылат. Ага учурдагы бардык финансылык чыгымдар (сатылып алынган өндүрүштүк-материалдардын запастары, жумушчулардын эмгек акы төлөмдөрүнүн чыгымдары) капиталга багытталган финансылык чыгымдардан айырмаланган бюджеттик каражаттарга тиешелүү. Ошону менен бирге ушул сап боюнча чыгымдарды жабуу үчүн төлөмдөр, товарларды (кызматтарды) сатууда жаралган мамлекеттик баалар жана тарифтерди жөнгө салуулар көрсөтүлөт.

Ушул сапта банктык кредиттин процентин төлөө боюнча бюджеттик жөнгө салуулар чагылдырылбайт.

Бюджеттен жарандардын айрым категорияларына жеңилдетүүнү төлөө үчүн алынган суммалар ушул сапка киргизилбейт (мисалы, дары каражаттарын жеңилдетилген жана бекер берүүгө, жарандардын айрым категорияларынын транспорттук төлөм жана жашоо-коммуналдык кызматтардын төлөмдөрүнө байланыштуу).

**223-саптын** ичинен **224 - боюнча** чыгымдарды жабуу менен байланыштуу бюджеттин субсидиялары белгиленет. Товарларды (кызматтарды) сатууда жаралган регулярдуу мамлекеттик баалар жана тарифтер, чыгымдарды жаппаган сатуунун баасы мамлекеттик бийлик органдары тарабынан аныкталгандыгы (чыгымдарды сатылган товарлардын жана кызматтарды дуң наркынан төмөн баада сатуу менен жабуу, жашоо-коммуналдык жана башка окшош мүнөздөгү уюмдардын жана ишканалардын чыгымдарынын пландарын толтуруу) көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча жылдык эсеп үчүн кабыл алууга кошулуу боюнча субсидиялар чагылдырылат.

**225-сап боюнча** ишкананын өз иш-аракетин ишке ашырган айлардын өз, ишкананын аз дегенде бир толук жумушчу күнү ишке ашырган айларды кошкондогу саны көрсөтүлөт.

Эгер, ишкана отчеттук мезгилде эч кандай иш-аракетти аткарбаган болсо, ушул сапта «0» коюлат.

**226-сап боюнча** отчеттук мегил үчүн төлөөгө жаткан кирүүчү (экспорттук) бажы алымдарынын суммасы көрсөтүлөт.

## 3-Бөлүм. Продукцияларды (товарларды, жумуштарды, кызматтарды) өндүрүүгө жана сатууга карата чыгымдар.

3-Бөлүмдүн маалыматтары бүт юридикалык жак боюнча (алардын жайгашкан жерине карабастан, анын бардык филиалдары жана бөлүмдөрү боюнча маалыматтар) анын экономикалык иш-аракеттеринин бардык түрлөрү боюнча кошулган суммада толтурулат.

Ушул бөлүмдүн маалыматтык көрсөткүчтөрүн түзүү жана форманын тийиштүү саптары боюнча ушул көрсөткүчтөрдү чагылдыруу, бухгалтердик эсепке алуу боюнча жана экономикалык иш-аракеттердин тийиштүү түрлөрүнүн товарларынын, продукцияларынын, жумуштарынын, кызматтарынын өздүк наркын пландоо, эсепке алуу жана калькуляциялоо боюнча типтүү тармактык методологиялык сунуштар боюнча укуктук-ченемдик актыларга ылайык баштапкы бухгалтердик синтетикалык жана аналитикалык эсепке алуу маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт.

Отчеттук жылдарда алып кайра сатуу үчүн сатылып алынган, товарларды кабыл алуу учурунда, алардын отчеттуулук жыл ичинде сатылгандыгына же калдык түрүндө кампада калгандыгына карабастан, кириштелген наркы **301-сап боюнча** чагылдырылат.

Юридикалык жактарга, жеке ишкерлерге, элге сатуу (кайра сатуу) үчүн отчеттук мезгилде сатып алынган товарлардын наркы, иш жүзүндө алып сатуу наркы боюнча сатылып алынган, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган учурдарда, товарларды сатып алууга байланыштуу төлөнгөн, калыбына келтирилбей турган (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) суммалар ушул сап боюнча чагылдырылат.

**301-сап** боюнча коомдук тамак-аш уюмдары тарабынан өзүнүн чекене соода (дүкөндөр, павильондор, чатырлар, киосктор, соода автоматтары) объекттери аркылуу кошумча кайра иштетүүсүз элге, же кесиптик колдонуу (кайра иштетүү же андан ары сатуу) үчүн жеке ишкерлерге же юридикалык жактарга кайра сатылган

товарларга карата чыгымдар гана 301-сап боюнча чагылдырылат. Ушул товарлардын сатылган наркы 207-сап боюнча чагылдырылат.

1610 эсепте эсепке алынган, алып сатыла турган жана кулинардык азыктарды (тамактарды жана кулинардык азыктарды) даярдоо үчүн коомдук тамак-аш уюмдарынын колдонуусу үчүн дайындалган товарлардын наркы, ошондой эле, кошумча кулинардык иштетүүсүз (кондитердик жана нан азыктар, жемиштер жана башкалар) ресторандар, кафе, барлар, ашканалар, закусочныйлардын тамактануу залдарында сатылган, алып сатыла турган товарлардын наркы 301-сап боюнча көрсөтүлбөйт, алар 310-сап боюнча чагылдырылат.

Уюмдар (комитеттер, ишеним көрсөтүүчүлөр, принципиалдар) тарабынан сатылып алынган жана башка уюмга же жеке ишкерге (комиссионерге, ишеним берилген же агентке) сатуу үчүн берилген товарлардын наркы, 301-сап боюнча ошол товарлардын ээлери чагылдырат.

Алып сатыла турган энергияны (электрдик, жылуулук) газды, сууларды сата турган уюмдар алардын алып сатыла турган наркын ушул сап боюнча чагылдырылат.

Алмашуу (бартер) келишими, товардык кредит боюнча алынган жана алдын ала иштетүүсүз кайра сатуу үчүн дайындалган товарлардын наркы да ушул сап боюнча чагылдрылат.

Ошентип, алып сатуу үчүн сатылып алынган жана 1610 эсептин дебетинде эсепке алынган товарлар ушул сапта чагылдырылат.

Эгерде, товарлар алып кайра сатуу үчүн сатылып алынса, бирок иш жүзүндө өндүрүшкө жана продукцияны (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) сатуу үчүн колдонулса (кредит 1610 - дебет 1620; кредит 1620 - 1630 эсептин дебети жана топтордун 7000-8000 эсептери), алардын наркы 301-, 306-сап боюнча чагылдырылбайт, алар 310-, 328-330-саптар боюнча чагылдырылышы керек.

**301-саптын** ичинен **302-сап боюнча** - алып кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, кийин сатылган электр энергиясынын сатылып алына турган наркы, **303-сап боюнча** - алып кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, кийин сатылган жылуулук энергиясынын наркы белгиленет. 302-, 303-саптар аларды транспортировкалоо үчүн башка түйүндүк уюмдарды тартуу аркылуу керектөөчүлөрдүн арасында жылуулук энергиясын туруктуу негизде алып кайра сатуучу жана энергоресурстарды бөлүштүрүү жүргүзүүчү уюмдар толтурат.

**304-сап боюнча** - алып кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган, газдын сатылып алына турган наркы белгиленет. 304-сапты аларды транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды тартуу менен акыркы керектөөчүлөрдүн арасында газ үлгүсүндөгү күйүүчү майды туруктуу негизде алып кайра сатуучу жана аны бөлүштүрүү жүргүзүүчү уюмдар толтурат. Баллондордогу газды элге сатуучу жана өзүнүн иш-аракеттерин ЭИМК 47.78.0. коду боюнча идентификациялаган уюмдар 304-сапты толтурбайт.

Алып кайра сатуу үчүн дайындалган, кыймылсыз мүлк объекттерин сатып алууга карата чыгымдар **305-сап боюнча** чагылдырылат. 301-саптын ичинен куруучу-уюмдар (тапшырыкчылар) подряддык келишим боюнча ишке тартылган курулуш уюмдары тарабынан курулган кыймылсыз мүлк обьекттерин куруу боюнча чыгымдардын суммасын 305-сап боюнча белгилейт.

Башка жактан сатылып алынган жана алып кайра сатуу үчүн дайындалган товарлардын калдыктары, алардын сатылып алынган иш жүзүндөгү (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) өздүк наркы боюнча отчеттук

мезгилдин башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, **306-, 307-саптар боюнча** чагылдырылат. Калдыктар жөнүндө маалыматтар (1610 эсептин сальдосу) бардык сакталган жерлери (кампалар, муздаткыч-кампалар, сактоочу жайлар, ангарлар, дүкөндөр жана башка жерлер) боюнча келтирилет.

Андан ары кайра сатуу үчүн кыймылсыз мүлк объекттерин сатып алган уюмдар, ошондой эле инвестор-уюмдар, сатылбаган кыймылсыз мүлк объекттердин наркын ушул сап боюнча чагылдырат.

Куруучу уюмдар, ишке тартылган подряддык курулуш уюмдары тарабынан курулган, сатылбаган кыймылсыз мүлк объекттеринин наркын ушул сап боюнча чагылдырат.

Аларды андан ары сатуу максатында өз күчтөрү менен турак үйлөрдү курган жана аларды 1610 эсепте эсепке алган куруучу уюмдар сатылбаган батирлерди 306-, 307-сап боюнча чагылдырбайт.

Комиссиянын келишимдери, тапшырмалары боюнча, же агенттик келишимдер боюнча башка жактын кызыкчылыктары үчүн соода иш-аракеттерин жүргүзүүчү уюмдар (комиссионерлер, ишеним берилгендер, агенттер), 306-, жана 307-саптарды толтурбайт. Товардын калдыктарын, ошол калдыктардын менчик ээлери - комитенттер, ишеним берүүчүлөр, принципалдар болуп саналган уюмдар 306-, жана 307-саптар боюнча толтурат.

Жылдын башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, сатылбаган кыймылсыз мүлк объекттерди сатуу үчүн дайындалган жана белгиленген наркы **308 жана 309-саптарда** чагылдырылат.

Отчеттук жылда башка жактан сатылып алынган, алмашуу келишими, товардык кредит, кайтаруусуз акысыз, жана отчеттук жылда алардын кайсы бөлүгү өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарга колдонулгандыгынан (чыгышталгандыгынан) көз карандысыз, кириштелген материалдык баалуулуктар боюнча башка юридикалык жана жеке жактардан алынган наркы, башкача айтканда, сатып алууга карата чыгашалар **310-сап боюнча** чагылдырылат.

- товарларды (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүү үчүн дайындалган жана алардын негизин түзгөн, же товарларды (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүдө керектүү компонент, жеке кулинардык продукцияны (тамактарды, нан азыктарын, жарым фабрикаттарды) даярдоодо сатып алына турган жарым фабрикаттар, уюмда монтаждоо жана/же кошумча иштетүүгө дуушар боло турган, чыгарыла турган продукцияны комплекттөө үчүн дайындалган комплектөөчү буюмдар (конструкциялар жана бөлүктөр) үчүн дайындалган чийки заттар жана материалдар;

- продукцияны өндүрүү, иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү учурунда колдонуу үчүн дайындалган минералдык жана органикалык семирткичтер, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо каражаттары, тоют, урук жана отургузуу материалдары, чарбалык жабдыктар;

Айыл чарба иш-аракеттерин жүргүзүүчү уюмдар, тоют жана уруктандыруу (чөп, силос, көчөттөр, жаш музоолорду багуу үчүн сүт) максатында дайындалган жана ички чарбалык муктаждыктар үчүн колдонулган, менчик өндүрүштүн иш жүзүндөгү өздүк наркы боюнча, ошондой эле өзүнүн чарбасына кайра иштетүүгө берилген, өзү өндүргөн чийки заттарды ушул сап боюнча чагылдырат;

Сатып алына турган энергияны (электрдик, жылуулук), сууну берүүчү уюмдар керектөөчүлөрдүн (эл, юридикалык жактар) арасында бөлүштүрүүчү тармактары

(менчик же ижарага алынган) боюнча сатылып алына турган газды транспортировкалоону жана бөлүштүрүүнү, ошондой эле берилген энергиянын (электрдик, жылуулук), суунун, газ үлгүсүндөгү күйүүчү майдын жана чийки заттын сатылып алына турган наркы да ушул сап боюнча эсепке алынат.

Коомдук тамак-аш обьекттери боюнча кулинардык продукцияны (тамактарды, кулинардык азыктарды) даярдоо үчүн дайындалган, сатылып алына турган товарлардын наркы, ошондой эле кошумча кулинардык иштетүүсүз (кондитердик жана нан азыктары, жемиштер жана башка товарлар) ресторандар, кафе, барлар, ашканалар, закусочныйлардын тамактануу залдарында сатылган, сатыла турган товарлардын наркы ушул сап боюнча чагылдырылат. Ушул товарлардын сатуу наркы 202-сап боюнча чагылдырылат.

Ошентип, ушул сапта (акысы төлөгөндүгүнө карабастан) өндүрүш үчүн дайындалган материалдык баалуулуктарды алуу учурунда, сатып алуу наркы боюнча 1620 эсептин дебетинде эсепке алынган, сатылып алынган жана кириштелген материалдык баалуулуктар ушул сап боюнча чагылдырылат.

Отчеттук жылда сатылып алынган жана кириштелген материалдык баалуулуктардын (кайтарып берилүүчү таранын баасы кошулбайт) наркы сатылып алына турган (КНСсиз жана ушуга окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) баалары боюнча, анын ичинде аларды сатып алууга байланышкан транспорттук-даярдоолорго карата чыгашалар (транспорт каражатында транспортировкалоо жана жүктөө боюнча башка уюмдардын көрсөткөн кызматтарынын акысын төлөөгө карата чыгашалар, сактоо боюнча кызматтардын акысын төлөөгө карата чыгашалар; сыйлыктар, чийки заттар, материалдар жана башкалар алар аркылуу сатылып алынган ортомчу уюмдарга төлөп берүү боюнча чыгашалар; таралар боюнча чыгымдар; импорттук материалдарды, жарым фабрикаттарды, аспаптарды, же өндүрүштүк инвентарларды сатып алууга байланышкан, ташып кирүүгө карата бажы алымдары жана башка төлөмдөр; материалдык баалуулуктарды сатып алууга байланыштуу башка чыгашалар; камсыздоо боюнча чыгашалар; материалдык-өндүрүштүк запастарды сатып алууга байланыштуу башка чыгашалар; ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, материалдык-өндүрүштүк запастарды сатып алууга байланыштуу төлөнө турган калыбына келтирилбей турган салыктардын суммасы жана кайтарылбай турган таранын наркы;) ушул сап боюнча көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча төмөнкүлөр чагылдырылбайт: иштетип алма чийки заттар катары алынган чийки заттар жана материалдар; 1610 бухгалтердик эсептин дебетинде эсепке алынган (кириштелген), юридикалык жактарга, жеке ишкерлерге, элге кайра сатуу максатында сатылып алынган товарлар; даярдоо-кампалык аппаратты кармоого, ошондой эле кайтарылуучу калдыктарга карата чыгашалар чагылдырылбайт.

**310-саптын** ичинен товарларды өндүрүү жана сатып алуу (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн дайындалган импорттук чийки заттардын, материалдардын, сатып алына турган буюмдардын наркы **311-сап боюнча** белгиленет.

Импорт деп алар чыккан өлкөсү жөнүндө бажылык декларациясына же аны күбөлөндүргөн сертификатына ылайык, Кыргызстандан тышкары өндүрүлгөн чийки заттар, материалдар, сатып алына турган буюмдар эсептелет.

**310-саптын** ичинен продукцияны (**318-сап боюнча** чагылдырыла турган газдын наркысыз) өндүрүү процессинде чийки зат катары колдонулган, жаратылыш (табигый) газынын сатылып алынган наркы **312-сап боюнча** белгиленет.

Мисалы, химиялык продукттарды: пластмассаларды, жер семирткичтерди, синтетикалык булаларды, химиялык заттарды жана башкаларды алуу үчүн колдонула турган жаратылыш газы.

**310-саптын** ичинен магистралдуу жүк ташуучу темир жол транспорту менен жүргүзүлө турган, сатылып алына турган материалдык баалуулуктарды (чийки заттарды, материалдарды, сатып алына турган жарым фабрикаттарды жана комплектөөчү буюмдарды жана башкаларды) транспортировкалоого, сактоого жана жеткирүүгө, кошумча жыйымдарга, анын ичинде көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акыга карата чыгашалар **313-сап боюнча** белгиленет.

**313-саптын** ичинен вагондордун ижара акысы жана вагондордун ээлерине төлөнө турган башка төлөмдөр үчүн акы (чарбалык субъекттер тарабынан көрсөтүлө турган темир жол кызматтарынын акысы) **314-сап боюнча** белгиленет. Ушул сап боюнча төмөнкүлөр чагылдырылат:

1) жүк ташуу үчүн вагондорду берүү боюнча иштер үчүн (кызмат көрсөтүүлөр) акы төлөө. Жолдо бош жүргөн убактысында акысыз ташуулар үчүн вагондордун ижарага алуу (берүү) боюнча кызматтар үчүн төлөнө турган суммаларды камтыйт;

2) чарбалык субъекттердин кызмат көрсөтүүлөрү үчүн башка төлөмдөр.

313-саптын ичинен оор жүк ташуу, кызмат көрсөтүүлөр, инфраструктуралар жана локомотивдик сүйрөө үчүн акы **315-сап боюнча** белгиленет. Ушул сап боюнча төмөнкүлөр чагылдырылат:

1) темир жол транспортунда аткарыла турган жүктөрдү ташуу үчүн акы төлөө;

2) Кыргыз Республикасынын транспорт жана жол министрлигинин 2017-жылдын 29-ноябрындагы №384 буйругу менен бекитилген, "Тарифтик жетектөөнү бекитүү жөнүндө (Экспорттук, импорттук жана республика ичиндеги каттамдарда темир жолдор аркылуу жүк ташууларга карата тарифтер)" тартибине ылайык аныктала турган жүк ташуулар үчүн ишке тартылган вагондордо же жалпы парктын вагондорунда жүктөрдү ташуу учурунда вагонго карата түзүлгөн тарифтик акы төлөө;

3) жеке менчик (ижарага алынган) вагондордун жолдо бош жүргөн убактысы үчүн акы төлөө;

4) жүк ташуу учурунда инфраструктуранын кызматтары үчүн акы төлөө;

5) 29.11.2017-ж. №384 буйругунун тарифтик жетектөөсүнө ылайык мамлекеттик тарифтик жөнгө салууга жана кармоого жаткан табигый монополиялык субьекттер тарабынан көрсөтүлө турган кызматтар үчүн төлөнүүчү кошумча жыйымдар. Ушул саптар ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө схемасынан көз карандысыз темир жол транспорту менен жүктөрдү ташуу үчүн төлөөчү-уюмдар (жүктү жөнөтүүчүлөр, жүктү алуучулар) тарабынан толтурулат.

Отчеттук жылда алмашуу келишими, товардык кредит же акысыз башка жактан алынган, башка юридикалык жана жеке жактардан сатылып алынган, технологиялык максаттарга чыгыштала турган күйүүчү майдын бардык түрлөрүн, энергиянын бардык түрлөрүн (электрдик, жылуулук, суук, кысылган аба жана башка түрлөрүн) иштеп чыгуу учурунда, имараттарды, курулуштарды жылытуу, айыл чарба машиналарын жана транспорттук каражаттарды иштетүү, өндүрүштү тейлөө боюнча транспорттук иштер, уюмдун транспорттук каражаттары менен аткарыла турган иштерди алуу учурунда, отчеттук жылда күйүүчү майдын кайсы бөлүгү өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарга колдонулгандыгынан (чыгышталгандыгынан) же

калдыктар түрүндө кампада калгандардан көз карандысыз, кириштелген күйүүчү майдын наркы **316-сап боюнча** көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча күйүүчү майды сатып алууга карата чыгашалар, сатып алуу (КНСсиз, акцизсиз, жана ушуга окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) баалары боюнча, анын ичинде: аны сатып алууга байланышкан тарнспорттук-даярдоого карата чыгашалар; камсыздоо боюнча чыгашалар; пландаштырылган максатта күйүүчү майды колдонууга жарактуу абалга чейин жеткирүү боюнча чыгашалар (кошумча убакыт иштөө, сорттоо, таңгактоо жана продукция өндүрүүгө байланышпаган, күйүүчү майдын алынган техникалык мүнөздөмөсүн жакшыртуу, жумуштарды аткаруу жана көрсөтүлгөн кызматтар боюнча уюмдун чыгашалары); күйүүчү майды сатып алууга тике байланыштуу башка чыгымдар чагылдырылат.

**316-саптын** ичинен **317-сап боюнча** муңай заттын (нефть) кайра иштетилүүчү (бензин, уайт спирти, керосин, дизелдик күйүүчү май, күйүүчү мазут, битум мунай заты, майлоочу майлар), продукттардын наркы, **318-сап боюнча** - жаратылыш (табигый) газынын наркы, **319-сап боюнча** - көмүрдүн наркы, **320-сап боюнча** - күйүүчү майдын башка түрлөрүнүн (кокс газы, домна газы, мартендик газы, суюк суутек газы, кокс, чопо, чым, жыгач отун жана башкалар) наркы, башкача айтканда, ушул сапта өндүрүштүк процесстин жана өндүрүштүк запастардын бухгалтердик эсепке алуусунун Дебетинде эсепке алынган наркы боюнча уставдык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн дайындалган, сатылып алына турган бардык түрдөгү күйүүчү майлар белгиленет.

**321-сап боюнча** технологиялык, энергетикалык, кыймылдаткыч жана уюмдун башка өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарына (имараттарга жарык, жылуулук берүү, жана башка муктаждыктарга) чыгымдала турган, бардык сатып алына турган энергиянын (электрдик, жылуулук, муздак, кысылган аба жана башкалар) наркы - 302-303-304 сапта камтылбагандар чагылдырылат.

**322-сап боюнча** - электр энергиясынын наркы чагылдырылат, ал эми **324-сап боюнча** - жылуулук энергиясынын наркы чагылдырылат.

Ошентип, ушул саптарда отчеттуук мезгилде өндүрүштүн чыгашаларына киргизилген, өндүрүштө колдонулган (иш жүзүндө эсептелген төлөмдөр боюнча), сатылып алынган энергиясы чагылдырылат.

**325-сап боюнча -** технологиялык максаттарга жана уюмдун өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарына карата, энергиянын бардык түрлөрүн (анын ичинде уюмдун өзүнүн өндүрүштүк муктаждыктары үчүн) иштеп чыгаруу, имараттарды жылытууга, ошондой эле энергияны трансформациялоого жана берүүгө карата чыгымдала турган, сатылып алына турган суунун наркы эсепке алынат. Ошентип, отчеттуулук мезгилде өндүрүштүн чыгашаларына (иш жүзүндө эсептелген төлөмдөр боюнча) киргизилген, сарпталган суунун наркы ушул сапта чагылдырылат.

**310-сап** боюнча чагылдырылган, өндүрүлгөн продукциянын курамына керектүү компонент катары кирген суунун наркы ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

«Бүткөрүлбөгөн өндүрүш» 2230, же 1630 жана «Биологиялык активдер менен айыл-чарба продукциясы» 1650, же «Даяр продукция» 1640 эсептеринин Дебетинде эсепке алына турган жерлерди рекультивациялоого карата чыгымдар **326-сап боюнча** көрсөтүлөт (рекультивация - бул адамдардын иш-аракеттеринин натыйжасында түшүмдүүлүгү орчундуу түрдө төмөндөгөн, жерлерди жана суу ресурстарын калыбына келтирүү. Рекультивация жүргүзүнүн максаты айлана-

чөйрөнүн шарттарын жакшыртуу, бузулган жерлерди жана суу көлмөлөрүн калыбына келтирүү болуп саналат).

Алардын кайсы бөлүгү өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыкка колдонулгандыгынан (чыгышталгандагынан) же калдыктар түрүндө кампада калгандыгынан, башкача айтканда сатып алууга карата чыгашалардан көз карандысыз, жардамчы (кошумча) материалдардын отчеттук жылдагы сатылып алынган жана кириштелген наркы **327-сап боюнча** чагылдырылат:

- технологиялык процессти камсыз кылуу үчүн өндүрүлгөн жана(же) сатыла турган (анын ичинде сатуу алдындагы даярдыктар учурундагы) товарларды кутуларга салуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) үчүн кутуларды жана куту материалдарын өндүрүү (даярдоо) учурунда дайындалган жардамчы (кошумча) материалдар;

- жабдууларды, машиналарды жана механизмдерди оңдоо, жана алардын жумушчу абалын колдоо үчүн дайындалган запас бөлүктөр жана чыгымдоо материалдары; инструменттер, көмөкчү жабдыктар, инвентарлар, приборлор, лабораториялык жабдуулар;

- курулуш материалдары;

- атайын кийим, атайын жабдыктар жана башка продукцияны өндүрүү, иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү учурунда колдонуу үчүн дайындалган ага окшош башка мүлктөр;

- башка өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыкка карата дайындалган материалдык баалуулуктар (кызматкерлерди канцелярдык товарлар, бланктар, нускамалар, касса чарбасын жүргүзүү, коомдук тамак-аш мекемелеринде кардарларды тейлөө үчүн (дасторкон, ашкана приборлору, идиш-аяк, салфеткалар), сынактарды жүргүзүү, контролдоого, негизги каражаттарды кармоо жана иштетүү, жана башка ушуга окшош максаттарда коолдонулуучу жабдуулар) менен камсыз кылуу.

Ошентип, 1700 топтун эсептеринин дебетинде сатылып алынган наркы боюнча эсепке алынган, аларды өндүрүү үчүн дайындалган, аларды алуу учурундагы наркы менен (акысы төлөнгөн/төлөнбөгөндүгүнөн көз карандысыз) сатылып алынган жана кириштелген, жардамчы (кошумча) материалдардын запастары ушул сапта чагылдырылат.

**328-329-саптар боюнча**, отчеттук жылдын башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, аларды сатып алуу учурундагы иш жүзүндөгү наркы боюнча продукцияны өндүрүү жана сатуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) учурунда колдонуу үчүн дайындалган, материалдык-өндүрүштүк запастардын (чийки заттар, материалдар, алып сатуу үчүн сатылып алынган жарым фабрикаттар, комплекттөөчү буюмдар, башка материалдар) кампалардагы калдыктардын наркы чагылдырылат. (Отчеттук мезгилдин башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, өндүрүштүк запастардын бухгалтердик эсептеринин сальдосу).

Айыл-чарба иш-аракеттерин жүргүзүүчү уюмдар, башка юридикалык жана жеке жактардан сатылып алынган жана алынган жана продукцияны өндүрүү жана сатуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) учурунда колдонуу үчүн дайындалган, материалдык-өндүрүштүк запастардын (чийки заттар жана материалдар, жер семирткичтер, өсүмдүктөрдү жана малды коргоо каражаттары, тоют, уруктар жана отургузуучу материалдар, инвентарь жана ушул сыяктуу материалдар) калдыктарынын наркы ушул саптар боюнча көрсөтүшөт.

Курулуш иш-аракеттери боюнча материалдык-өндүрүштүк запастардын (чийки заттар, материалдар, жарым фабрикаттар, комплекттөөчү буюмдардын) кампалардагы калдыктары да ушул саптар боюнча эсепке алынат.

Кулинардык продукцияны даярдоо үчүн дайындалган, коомдук тамак-аш продукттарынын калдыктарынын наркы, ошондой эле менюга киргизилген жана ресторандардын, кафелердин, барлардын, ашканалардын тамактануу залдарында керектөөлөр үчүн алып сатыла турган товарлардын наркы коомдук тамак-аш уюмдары тарабынан 328- жана 329-саптар боюнча чагылдырылат.

Коомдук тамак-аш уюмдарынын чекене соода объекттери аркылуу сатуу үчүн же башка юридикалык жактарга же жеке ишкерлерге сатуу үчүн даяйындалган, алып сатыла турган товарлардын калдыктарынын наркы ушул саптар боюнча чагылдырылбайт, алар 306- жана 307-саптар боюнча эсепке алынат.

Отчеттук жылдын башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, аларды сатып алуу учурундагы иш жүзүндөгү наркы боюнча продукцияны өндүрүү (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) үчүн дайындалган, күйүүчү майдын кампалардагы калдыктарынын наркы **330-331-саптар боюнча** чагылдырылат. (Отчеттук мезгилдин башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, өндүрүштүк запастардын бухгалтердик эсептеринин сальдосу).

Отчеттук жылдын башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, аларды сатып алуу учурундагы иш жүзүндөгү наркы боюнча продукцияны өндүрүү жана сатуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) учурунда колдонуу үчүн дайындалган, жардамчы (кошумча) материалдардын запастарынын (кутулар жана куту материалдары, запастык бөлүктөр, курулуш материалдары, инвентарлар, атайын кийимдер жана атайын жабдыктар, чарбалык шаймандар жана башка материалдар) кампалардагы калдыктарынын наркы **332-333-саптар боюнча** чагылдырылат.

Продукцияны өндүрүү үчүн сатылып алынган, бирок отчеттук жылы кайра кайтаруусуз акысыз жана/же уставдык капиталга салымдын эсебине башка уюмдарга берилген чийки заттар, материалдар, комплекттөөчү буюмдардын сатып алуу наркы **334-сап боюнча** келтирилет.

**310-316 - жана/же 328-330-332-саптардын** ичинен чийки заттар, материалдар, жарым фабрикаттар, комплекттөөчү буюмдар, күйүүчү май, кутулар жана куту материалдары, запастык бөлүктөр, курулуш материалдары, инвентарлар, атайын кийимдер жана атайын жабдыктар, минералдык жана органикалык жер семирткичтер, өсүмдүктөрдү жана малды коргоо каражаттары, тоют, уруктар жана отургузуучу материалдар, чарбалык шаймандар жана башка материалдык баалуулуктардын сатылып алына турган, бирок отчеттук жылда кайра иштетүүсүз (иргөөсүз, колдонуусуз) продукция өндүрүү (кайрадан өндүрүү) үчүн сатылып алынган наркы **335-сап боюнча** келтирилет.

Ушул сап боюнча жалпы чарбалык жана башкаруучулук муктаждыктар үчүн сатылып алынган, бирок колдонулбаган, ал эми кийин башка тарапка сатылган материалдык баалуулуктардын сатылып алына турган наркы чагылдырылат.

**335-сап** боюнча көрсөтүлгөн материалдык баалуулуктардын наркы 212-сап боюнча сатылган баалары боюнча чагылдырылат.

**336-сап боюнча** Уюм тарабынан эсептелген суммаларды: иш жүзүндө аткарылган иш үчүн, иштеген жана иштебеген (өргүүлөр, мажбурлоо менен токтоп турган убакыт жана башкалар) убакыт үчүн акчалай жана акчалай эмес формаларда

эмгек акы төлөө; иш тартиби жана эмгек шарттарына байланыштуу компенсациялык төлөп берүүлөр; баалардын жогорулашына жана мыйзамда каралган ченемдердин чегиндеги кирешелердин индексацияларына байланыштуу эмгек акы төлөө боюнча компенсациялар; стимул берүүчү кошумча төлөмдөр жана үстөк кошуулар; сыйлыктар; бир жолку сыйлык төлөмдөр; материалдык жардам (үй-бүлөлүк кырдаалдар боюнча айрым жумушчуларга берилген жардамдан башка); системалуу мүнөздө тамак-ашты жана жашоо үчүн акы төлөө; эмгек акы төлөөгө карата чыгашаларда бектилиген тартипке ылайык киргизилген төлөп берүүлөрдүн башка түрлөрүн өзүнө камтыган, тизмелик жана тизмелик эмес курамдардагы жумушчулардын эмгек акысын төлөөгө карата чыгашалар чагылдырылат.

336-саптан **337-сап боюнча** окуу жайларында окуган уюмдардын жумушчуларына окуу өргүүлөрү боюнча колдонуудагы мыйзамдарга ылайык акы бөлүнүп берилет.

Социалдык камсыздоо, пенсиялык камсыздоо, медициналык камсыздоо, жумуш менен камсыздоо фонддоруна жана башка бюджеттен тышкаркы фонддорго карата эсептелген камсыздоо төлөмдөрү (мүчөлүк акчалар) **338-сап боюнча** чагылдырылат.

Мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздоо мүчөлүк акчалары түрүндө чыгашалары ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жумушчунун убактылуу ишке жөндөмсүздүгү боюнча башка чыгымдарга киргизилген жөлөкпул төлөп берүү боюнча жумуш берүүчүнүн чыгашалары **339-сап боюнча** чагылдырылат.

Кыргыз Республикасынын Социалдык камсыздоо фондунун каражаттарынын эсебинен жөлөкпул төлөп берүү ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Өндүрүшкө карата чыгымдарга киргизилген, мыйзамда түзүлгөн тартипке ылайык эсептелген, негизги каражаттардын аммортизациясынын суммасы **340-сап боюнча** чагылдырылат. Эсепке алуунун өзүнчө түзүлгөн объекти катары бухгалтердик эсепте чагылдырылган, айрым узак убактылуу (12 айдан ашык) интервалдардан кийин мезгили менен жүргүзүлө турган негизги каражаттардын айрым элементтерин алмаштыруу, техникалык кароо, оңдоо жүргүзүүгө карата капиталдаштырылган туруктуу ири чыгымдардын амортизациясы да 340-сап боюнча чагылдырылат.

Өндүрүшкө карата чыгымдарга киргизилген, мыйзамда түзүлгөн тартипке ылайык эсептелген, материалдык эмес активдердин аммортизациясынын суммасы **341-сап боюнча** чагылдырылат.

Келишимге ылайык ижарага алынган мүлк (анын ичинде лизингге алынган мүлк): жер тилкелери (участкалары) жана башка обочолонгон жаратылыш (табигый) объекттери, ишканалар жана башка мүлктүк комплекстер, имараттар, курулуштар, жабдуулар, транспорттук каражаттар жана башка мүлк үчүн ижаралык төлөмдөр **342-сап боюнча** эсепке алынат. «Вагондорду ижарага алуу үчүн акы төлөө жана вагондордун ээлерине башка төлөмдөр» 314- жана 403-саптар боюнча көрсөтүлгөн ижара акысысыз ижаралык төлөмдөр ушул сап боюнча чагылдырылат.

342-саптан **343-сап боюнча -** финансылык ижара келишими (лизинг келишими) боюнча ижаралык акы, **344-сап боюнча -** жер жер тилкелери (участкалары) үчүн ижаралык акы, **345-сап боюнча -** башка обочолонгон жаратылыш (табигый) объекттери үчүн ижаралык акы, **346-сап боюнча -** ижарага алына турган жайлар үчүн акы, **347-сап боюнча -** машина жана жабдуу үчүн

ижаралык акы, **348-сап боюнча -** транспорттук каражаттар үчүн ижаралык акы белгиленет.

Эгерде, арендатор ижаралык акыны төлөй тургандыгы жана ижарага алынган мүлк боюнча коммуналдык кызматтардын акысы арендатор тарабынан өзүнчө башка жүргүзүлө тургандыгы жана төлөй тургандыгы ижара келишиминде каралса, анда арендатор ижаралык акынын суммасын 342-сап боюнча көрсөтөт, ал эми электрэнергиясы, жылуулук берүү энергиясы, суу, байланыш кызматтары, коммуналдык чарба жана башка чыгымдарды төлөөгө карата чыгымдарды форманын тийиштүү саптары боюнча көрсөтөт.

**349-сап боюнча** милдеттүү камсыздоо: автожарандык жоопкерчилик, мыйзамда бекитилген тартипке ылайык негизги каражаттардын түзүмүндө эсепке алынган мүлк, негизги жана транспорттук (анын ичинде ижарага алынган) каражаттар, жүктөр, материалдык эмес активдер, бүткөрүлбөгөн капиталдык курулуш объекттери, материалдык-өндүрүштүк запастар (камдыктар), курулуш-монтаждоо иштерин аткаруудагы тобокелдиктер, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана малдар, өндүрүштүк максаттарда колдонулуучу башка мүлктөр, ошондой эле продукциянын (жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн) тийиштүү түрлөрүн өндүрүүдө иштеген жумушчулардын айрым категорияларынын жашоо-турмушу жана саламаттыгы, өндүрүштөгү кырсыктардан камсыздоо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык боло турган кесиптик оорулардан камсыздоо боюнча эсептелген төлөмдөр көрсөтүлөт.

349-саптын ичинен **350-сап боюнча** өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан камсыздоо боюнча милдеттүү камсыздоо төлөмдөрү белгиленет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана өндүрүштүк чыгымдардын эсептеринде эсепке алына турган, эсептелген ыктыярдуу камсыздоо төлөмдөрү көрсөтүлөт: киреше алууга багытталган иш-аракеттерди жүргүзүү учурунда колдонула турган камсыздоо мүлкү; зыян тарттыргандык үчүн жоопкерчиликти камсыздоо; тобокелдиктерди камсыздоо; жумушчулардын пайдасына мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздоо келишимдери боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлө турган ыктыярдуу камсыздоонун башка түрлөрү эсептелген ыктыярдуу камсыздоо төлөмдөрү **351-сап боюнча** көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча уюмдун кирешесинин жана башка максаттуу келип түшүүлөрдүн эсебинен жүргүзүлө турган, ыктыярдуу жана башка камсыздандыруу төлөмдөрү чагылдырылбайт.

Өз ара кызматташтыкты түзүү жана колдоо максатында сүйлөшүү үчүн келген башка уюмдардын жана мекемелердин өкүлдөрүн, ошондой эле уюмдун Директорлор кеңешинин (Башкармалыктын) отурумдарына келген катышуучуларды жана уюмдун Ревизиялык комиссиясынын мүчөлөрүн кабыл алууга жана тейлөөгө карата уюм тарабынан жумшалган өкүлчүлүк чыгымдар; өкүлдөрдү расмий кабыл алууну (эртең мененки, түшкү, кечки тамак, же ушуга окшош иш чараларды) өткөрүүгө байланыштуу чыгымдар; сүйлөшүүлөрдүн катышуучуларын буфетте тейлөө, аларды ташуу, маданий-көңүл ачуу, маданий программалык иш чаралары менен камсыздоо, уюмдун штатына кирбеген котормочулардын кызматын төлөө чыгымдары **352-сап боюнча** көрсөтүлөт.

**353-сап боюнча** кызматтык командировкаларга, иш-аракетти өндүрүү менен байланышкан чыгымдар чагылдырылат: суткалык, талаага керектүүлөрдү көтөрүү, виза берүүдөгү жана аны каттатуу боюнча чыгымдар, паспорттор, чакыруу жана ушул сыяктуу документтер (419, 420, 421-саптар боюнча чагылдырылган транспорттук чыгымдарды жана 418-сап боюнча чагылдырылган командировкадагаы адистерге, жумушчуларга мейманка кызмат көрсөтүүлөрдүн акыларын төлөөдөн башка) чагылдырылат.

**354-сап боюнча** салыктар жана алардын жыйналган суммалары, мамлекеттик салыктар, төлөмдөр жана башка милдеттүү алымдар, мыйзамдык тартипке ылайык бекитилген үстөк, продукцияларды, товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүштүн курамында эсептелген (кыймылсыз жана кыймылдуу мүлккө карата болгон салыктар, жер салыгы, жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салыктар жана башкалар) чыгымдарынын наркы чагылдырылат.

354-сап боюнча: **355-сап боюнча -** жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык, **356-сап** боюнча - жер салыгы**, 357-сап** боюнча- кыймылсыз мүлккө болгон салык, **358-сап** боюнча - кыймылдуу мүлккө болгон (транспорт) чыгымдар белгиленет.

**359-сап боюнча** жеке ишкерлер жана тышкы уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрү жана кызматтары боюнча төлөнө турган чыгымдар, товарды, продукцияларды, кызмат көрсөтүүлөрдү мыйзамдык тартипке ылайык бекитилген (өндүрүштүк эмес мүнөздөгү кызмат жана кызмат көрсөтүүлөдү кошкондо) өндүрүүгө кеткен чыгымдар, же болбосо, ушул уюм тарабынан төлөнгөн, жеке ишкерлер жана тышкы уюмдар тарабынан көрсөтүлгөн жана аткарылган кызмат жана кызмат көрсөтүүлөдүн наркы чагылдырылат.

Ошондой эле, тышкы уюмдар ушул сапта аталган ишкананын тышкы уюмдар тарабынан аткарылган жана көрсөтүлгөн КДРсиз, кайтарымсыз кызмат жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы чагылдырылат.

Ушул сапта тышкы уюмдардын, сатып алынган товарлардын, чийки заттардын, материалдардын, жарым фабрикаттарды жана комплектөөчү уюмдардын курамында эсептелген транспорттук-даярдоочу чыгымдарды кошкондогу кызмат көрсөтүүлөр чагылдырылбайт.

4-Бөлүмдүн 359-саптан тышкы уюмдардын кызмат жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн айрым түрлөрү боюнча төлөмдөрдүн чыгымдары белгиленет.

**360-сап боюнч**а түздөн-түз тышкы уюмдарды тартуусуз, продукцияларды даярдоо жана өндүрүү менен байланышкан чыгымдар, бирок, өндүрүшкө кеткен чыгымдарды түзгөн жогоруда келтирилген саптардын бирөөсүнө да жаратылышы боюнча түздөн-түз тиешелүү болбогон уюмдун өзү тарабынан өндүрүлгөндөр көрсөтүлөт.

**3601-сап боюнча** «Банктардын кредиттеринин пайызын төлөө» отчеттук жылда төлөнгөн банк насыялары боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы көрсөтүлөт.

**3602-сап боюнча** «Коммерциялык кредиттердин пайызын төлөө» отчеттук жылда төлөнгөн банк насыялары боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы көрсөтүлөт.

**3603-сап боюнч**а «Лицензияларды жана башка уруксат берүүлөрдү алуу» сатуу лицензияларын, сапат сертификатын, санэпидстанциянын, Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин, энергосбыттын ж.б. лицензияларын жана

уруксаттарын алууга жумшалган чыгымдар чагылдырылат.

**361-сап боюнча** отчеттук жылдарда аткарылган жумуштар жана көрсөтүлгөн кызматтар товарларды өндүрүүдө жана сатуудагы суммалык чыгымдар чагылдырылат. Ушул сап 310, 316, 321, 325, 326, 327, 328, 330, 332, 334, 336, 338, 339, 340, 341, 342, 349, 351, 352, 353, 354, 359, 360 саптагы суммалар 329, 331, 333, 335 саптарды чыгарып салгандагы суммасы менен бирдей көрсөтүлөт.

**362-сап боюнча** даярдоочуга кардар тарабынан берилген, чет элдик өнөктөштөрдүн чийки зат үчүн төлөнбөгөн наркын кошкондогу төлөнбөгөн чийки заттын суммасы. Кайра иштөөгө кабыл алынган (давальдык чийки заттар) чийки заттардын кыймылы жана кардардын материалдарын накталай алуу жөнүндөгү маалыматтын, же болбосо маалымат булактарынын негизинде (мисалы, өндүрүштүн базардан сатып алган чыныгы чийки заттын орточо наркы) чагылдырылат.

Продукцияны өндүрүү үчүн башка юридикалык жана жеке жак тарабынан сатып алынган чийки заттын (товарлардын, иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркы ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

**363-сап боюнча** отчеттук мезгилде башка юридикалык жана жеке жактарга кайра иштетүү үчүн жиберилген материалдар жана чийки заттардын наркы эсепке алынат.

Ушул сапта, башка юридикалык жана жеке жактардын мындан ары кайра иштетүү катары уюмдун өз күчтөрү менен даярдалган жана жиберилген даяр продукциялардын жана жарым фабрикаттардын наркы да эсепке алынат.

**364-365-саптар боюнча** кампалардагы менчик өндүрүштүн даяр продукциясынын, ошондой эле комиссионердеги иштетүүдөгү болгон калдыктары чагылдырылат. Калдыктар иш жүзүндөгү өндүрүштүк өздүк наркы боюнча (же катталган баалары боюнча) продукциянын ээси тарабынан, тиешелүүлүгүнө жараша, отчеттук жылдын башына жана аягына карата чагылдырылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.01.2011-жылдагы №9 токтомунун негизинде кабыл алынган Экономикалык ишмердиктердин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторунун В, С, Д, Е бөлүмдөрүндө келтирилген өнөр жай азыктары түшүндүрүлөт.

Ишкананын ичинде колдонулган өндүрүштүн менчик буюмдары ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Коомдук тамактануучу жайдын калдыктары ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

**366, 367-саптар боюнча** айыл-чарбасынын иш-аракеттерин ишке ашыруучу уюмдар, жаныбарларды өстүрүү жана тоют менен камсыз кылуу: тоют жана тоюттандырууда болгон жаш малдар, бодо малдар: чымчыктар, жырткычтар, коендор, ошондой эле отчеттук жылдын башына жана аягына карата сатууга жарабай калган негизги баскычтагы (тоютка коюлбаган) сатуу үчүн элден алынган койлор, үй аарылар, чоң койлодун нарктык маанидеги накталай наркы ушул сапта чагылдырылат.

**366 жана 367-саптар** жылдын башына жана аягына карта жалпы чыныгы наркы боюнча толтурулат.

Жаныбарларды тоюттандыруунун жана өстүрүүдөгү: жаныбарлардын наркы медициналык тажрыйба топтоо үчүн аймактан жана объекттен алып келинген: цирк жаныбарлары, зоопарктар, коруктар, офистер жана башкалар, кайтаруучу иттерди жана тыңчы-иттерди кармоо наркы кошулбайт.

**368, 369-саптар боюнча** өсүмдүк өстүрүүнүн даяр продуктуларынын (сүт, жумуртка, жүн, жаныбарлардын териси, бал, кокондор, мом, жаныбар-донорлордун эмбриону жана башка продукциялар) менчик өндүрүштөрү, ошондой эле, ишке ашыруу үчүн кабыл алынган келишим боюнча элдер сатып алган продукциялар, алардын калдыктары чагылдырылат.

Өндүрүшөгү запас катары эсептелинген продукциялар ушул сап боюнча чагылдырылбайт, алар 219-сап боюнча чагылдырылат.

Айыл чарба өндүрүшүн тейлеген, көмөкчү, негизги продукциялар ушул эсептин суб эсептери менен корреспонденцияланган 1630 эсепте эсепке алынат.

**370, 371-саптар** боюнча аягына чыкпаган өндүрүштүн калдыктары, менчик иштеп чыгарууларга ылайыктуу шаймандар, жарым фабрикаттар, отчеттук жылдын башталышы жана аягына ылайык технологиялык кароо процессинин бардык чектерден өтпөгөн кайра иштетилүүчү продукциялардын наркы чагылдырылат.

Айыл-чарба иш-аракеттерин жүргүзүүчү уюмдар, ушул сап боюнча аягына чыкпаган өндүрүштүн калдыктары - айыл-чарба иштеринин өсүмдүк өстүрүү боюнча кийинки жылдын түшүмүнөн ушул жылда аткарылган (күздүк өсүмдүктөрдү тигүү, тондурулган талаалар, парлар) иштердин чыгымдары ушул сап боюнча чагылдырылат.

Отчеттуулук жылдын башына жана аягына карата жаш көп жылдык өсүмдүктөрдү жемиш бергенге чейин өстүрүү, отургузуу жана мар чарбачылык (жумурткаларды декабрь айына чейин инкубациялоо боюнча, кышкы жем катары калтырылгандардын жана башкалардын, балдын наркы чагылдырылат. Аны баасы аткарылган жумуштун өндүрүлгөн өздүк наркы боюнча чагылдырылат.

Ушул сап боюнча балык өндүрүү менен алектенген балык товарлары жана (балык түшүрүүчү материалдар) жаш жана ушул жылкы балдарын өстүрүү боюнча чыгымдарды кийинки жылга өтүүсү боюнча алектенген уюмдар чагылдырылат.

Илимий-техникалык кайра иштетүү аймагындагы өз иш-аракеттерин ишке ашырган уюмдар жана техникалык-долбоорлордун документтерин кайра иштетүүнү документациялоочу уюмдар, өз күчтөрү менен аткарылган (иш боюнча чыгымдарсыз, контрагенттик келишим боюнча) тышкы ишканалардын жана мекемелердин аткарган жумуштары чагылдырылат.

Ушул сап боюнча курулуш иш-аракеттерин ишке ашыруучу поряддык уюмдардын чыгымдары (субподряддык жумуштар боюнча чыгымдарсыз) аткарылган, бирок, буйрутмачы бекиткен тартипте берилбеген курулуш объектисинин чыгымдары көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча буйрутмачы тарабынан кабыл алынган «Аткарылган иштердин жана чыгымдардын наркы жөнүндө справка» боюнча эсептеги кызматтардын чыгымдары чагылдырылбайт.

Ушул сап боюнча, ошондой эле аягына чыкпаган курулуш (курулуштун башталашынан объектти эксплуатациялоого көтөрүүгө чейинки курулушчунун чыгымдары, аягына чыкпаган геологиялык чалгындоо иштеринин чыгымдары, аягына чыкпаган бургулоо, жылчыктарды ондоп-түзөөлөр, эгерде, өзүнүн объектиси болбосо, бухгалтердик эсептин 2120 же 1640 эсебинде чагылдырылат.

**372-сап боюнча** отчеттук жылдардагы аткарылган жумуштар, продукциялар, отчеттук жылдары КДРсиз сатылган товарларды сатып алуучулар катары эсептелген элдерге көрсөтүлгөн кызматтар чагылдырылат.

**373-сап боюча «Маалымдама» («Справочно»)** Бөлүмүндө юридикалык жактын негизги инвестициялык толук капиталы боюнча (негизги каражаттардын импорт боюнча түзүүлөрү жана жаңы бөлүктөрү) курулушка кеткен чыгымдар, алардын баштапкы суммасынын өсүшүнө алып келген машиналарды, жабдыктарды алып келүү, чарбалык инвентарга жана өндүрүүгө алынып келинген транспорттук каражаттар, жүгүртүүтөн тышкаркы активдердин эсебине киргизүү үчүн орнотулган бухгалтердик эсептик тартипте ишке ашкан бухгалтердик эсеп, объектилерди реконструкциялоо, (модернизациялоо жана кеңейтүүнү кошкондо), өнүмдүү жана мөмөлүү көп жылдык өсүмдүктөрдү отургузуу жана өстүрүү иштерин түзүү ж.б. жеке менчик объектти инвестициялоо: илимди, адабият жана искусствону, ЭВМ маалымат базасы үчүн программалык камсыздоо, пайдалуу моделдер, асылдандыруучу жетишкендик, материалдык эмес өндүрүштөрдүн издилдөө чыгымдары чагылдырылат.

Ушул сап боюнча финансылык каржылоо бардык булактардан өндүрүлгөн, бюджеттин кайра кайтарылып берилген жана кайра кайтарылбаган негиздеги каражаттарды, насыяларды, алмашуу келишими боюнча техникалык жана гуманитардык жардамдарды кошкондогу инвестициялар эсепке алынат.

Маалыматтар *кошумча наркка карата салыксыз* келтирилет жана терс мааниде болушу мүмкүн эмес.

**373-сапты** толтурууда, Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун 15.06.2017-ж. №3 токтому менен бекитилген «Объекттерди, негизги фонддорду ишке киргизүү жана негизги капиталга инвестицияларды колдонуу жөнүндө» №2-Инвест мамлекеттик стаистикалык отчетуулуктун формаларын толтуруу боюнча Көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алуу керек.

**374-сап боюнча** Илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгуулар (НИОКР), өздүк керектөө үчүн аткарылган илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар тармагындагы жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы чагылдырылат.

**375-сап боюнча** кургактыктан кургап калуудан улам зыянга учураган товарлар жана продукциялар, чачырандылар, майдаланган, бууланган, жылжып куюлуу, ж.б транспорттоо учурунда товарларды жоготуулар жана жетпей калгандарды кошкондо, сактоодо жана табигый чыгымдардын ченемдеринин чегинде ишке ашуучу товарлардын зыянга учуроосу көрсөтүлөт.

**376–сап боюнча** чийки заттардын, материалдардын, товарлардын, даяр продукциялардын, электр энергиясынын ченемден ашык жоготууларынын наркы чагылдырылат.

## 4-Бөлүм. Башка уюмдардын иштеринин жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн айрым түрлөрүнө акы төлөө боюнча чыгымдар (359-саптын түшүндүрмөсү)

Келишимдердин (контракттардын) шарттарына жана темир жол (313-сапта көрсөтүлгөн чыгашаларсыз), автоунаалык, түтүк өткөрүүчү, ички суу жана аба транспортук, ошондой эле ишкананын ичинде жүк ташуу (чийки затты, материалдарды, куралдарды (инструменттерди) деталдарды, кышкы даярдыктарды, кампадан цехке жүктөрдүн башка түрлөрүн ташуу жана даяр продукцияларды кампага сактоо үчүн жеткирүү) боюнча уюмдар тарабынан жүргүзүлө турган магистралдык жүк ташуучу транспортировкалоого ылайык, жүктөлгөн продукцияны (товарларды) жөнөтүү станциясына чейин жеткирүү боюнча башка уюмдардын

транспорттук кызмат көрсөтүүлөрүнүн акылары **401-сап боюнча** чагылдырылат. Жүктөлгөн продукцияны (товарларды) жөнөтүлгөн станциядан дайындалган станцияга чейин транспортировкалоо боюнча поставщиктин чыгашалары 401-409-саптары боюнча чагылдырылбайт.

**401-саптын** ичинен магистралдык жүк ташуучу транспорт менен темир жолдор аркылуу ар кандай жүктөрдү ташуу жүргүзө турган уюмдар тарабынан шаарлар аралык жана эл аралык ташуулар боюнча (313-сапта көрсөтүлгөн чыгашаларсыз) кызмат көрсөтүүлөрдүн акылары **402-сап боюнча** белгиленет, ушул сап ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын схемасынан көз карандысыз жүк жөнөтүүчү-уюмдар тарабынан толтурулат.

402-саптын ичинен **403-сап боюнча -** вагондорду ижаралоо жана вагондордун ээлерине карата башка төлөмдөр үчүн акы (чарбалык субъекттер тарабынан көрсөтүлө турган темир жол кызматтарынын акысы) белгиленет. Ушул сап боюнча:

1) ташуулар үчүн вагондорду берүү боюнча иштер (кызматтар) үчүн акы төлөө. Ташуулар үчүн вагондорду ижарага алуу (берүү) боюнча, жолдо бош жүргөн убакыты үчүн акы төлөөсүз, кызматтар үчүн төлөнө турган акылардын суммаларын камтыйт;

2) чарбалык субъекттер тарабынан көрсөтүлө турган кызматтар үчүн башка төлөмдөр.

402-саптын ичинен **404-сап боюнча** - жүктөрдү ташуу, кызмат көрсөтүүлөр үчүн, инфраструктура жана локомотивдик сүйрөө менен тартуулар үчүн акы төлөөлөр ушул сап боюнча чагылдырылат:

1) темир жол транспортунда жүктөрдү ташуу үчүн акы төлөө;

2) Кыргыз Республикасынын транспорт жана жол министрлигинин 2017-жылдын 29-ноябрындагы №384 буйругу менен бекитилген, "Тарифтик жетектөөнү бекитүү жөнүндө (Экспорттук, импорттук жана республика ичиндеги каттамдарда темир жолдор аркылуу жүк ташууларга карата тарифтер)" тартибине ылайык аныктала турган жүк ташуулар үчүн ишке тартылган вагондордо же жалпы парктын вагондорунда жүктөрдү ташуу учурунда вагонго карата түзүлгөн тарифтик акы төлөө;

3) жеке менчик (ижарага алынган) вагондордун жолдо бош жүргөн үчүн убакыты үчүн акы төлөө;

4) жүк ташуу учурунда инфраструктура кызматтар үчүн акы төлөө;

5) мамлекеттик тарифти жөнгө салууга жаткан табигый монополиялык субьекттер тарабынан көрсөтүлө турган кызматтар үчүн төлөнүүчү жана тарифтик жетектөөлөргө ылайык кармала турган кошумча жыйымдар.

Ушул саптар ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө схемасынан көз карандысыз темир жол транспорту менен жүктөрдү ташуу үчүн төлөөчү-уюмдар (жүктү жөнөтүүчүлөр, жүктү алуучулар) тарабынан толтурулат.

401-саптын ичинен **405 -сап боюнча** автоунаа транспорту менен ишке ашкан кызмат көрсөтүүлөр, оператор менен транспорттук каражаттын ижара акысын кошкондогу төлөмдөр, **406-сап боюнча** - түтүк транспорту менен ишке ашкан кызмат көрсөтүүлөрдүн төлөмдөрү, **407-сап боюнча** - тышкы суу транспорту боюнча кымат көрсөтүүлөрдүн төлөмдөрү, **408-сап боюнча** - аба транспортунун кымат көрсөтүүлөрүнүн төлөмдөрү чагылдырылат.

**409-сап боюнча** ушул боюнча капиталдык оңдоп түзөө, реконструкциялоо, жашоочу жана жашабаган имараттардын жана курулмаларды реставрациялоо, башка

уюмдардын жана жеке ишканалар менен түзүлгөн келишимдерге ылайык (контракт) алып келинген иштердин наркы чагылдырылат.

Ушул сапта операторлор менен бирге куруучу машиналардын жана жабдыктардын ижара акысынын наркы белгиленет.

Ушул сап боюнча кызмат көрсөтүүлөр, товарлар, кызматтарга карата төлөө боюнча өндүрүштүн түздөн-түз чыгымдары көрсөтүлөт.

Ушул сап боюнча генералдык подрядчы катары эсептелген куруучу уюмдардын субподряд келишими боюнча алар үчүн башка уюмдар аткарган курулуш иштери чагылдырылбайт. Ушул сап боюнча курулуш обектиси менен байланыштуу болгон жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин чыгымдары чагылдырылбайт.

**410-сап боюнча** геофизикалык, геологиялык жана курулуш максаттары боюнча төлөнгөн кымат көрсөтүүлөрдүн наркы, жыйынтыксыз геологиялык-изилдөө, геологиялык-чалгындоо жана башка жумуштарды кошкондогу пайдалуу кендердин запастарынын артыкчылыгын көрсөтүү менен байланышкан жумушка ылайыктуу болгон мындан ары токтотуу жөнүндө кабыл алынган чечиминин жыйынтыгы боюнча же болбосо Пайдалуу кендерди казып алуу менен байланышпаган жер астындагы курулмалар же (жана) максатсыз курулуштар чагылдырылат.

**411-сап боюнча** айыл чарба кызматтары: (ветеринардан тышкаркы) айыл чарба өсүмдуктөрүн өстүрүү боюнча, өсүмдүктөрдү оорулардан жана зыянкечтерден коргоо, сугаруучу жана кургатуучу системалардын эксплуатациясы, жаныбарларды кармоо боюнча жана башка айыл чарба кыматтарынын наркы чагылдырылат.

**412-сап боюнча** өндүрүш мүнөзүндөгү башка кызматтар: өндүрүү боюнча айрым технологиялык операцияларды аткаруу, продукцияны даярдоо жана кайра иштетүү (чийки заттарды, материалдарды, жарым фабрикаттарды жана башкаларды кайра иштетүү), жабдыктарды оңдоп түзөө, автотранспорттук каражаттар, приборлор, орготехникалар; керектелүүчү материалдарды жана чийки заттардын сапатын, даяр продукциянын сапатын аныктоо боюнча текшерүү өткөрүү, орнотулган технологиялык процесстин үстүнөн контролдоо кызматтарынын наркы чагылдырылат.

Ошондой эле **412-сап боюнча** продукцияны ишке ашыруу боюнча тышкы уюмдар (комиссионерлер, текшерүүчү, агенттер) кызматтары чагылдырылат.

**412-саптын** ичинен бөлүштүрүү жана берүү - **413-сап боюнча** - электр энергиясын бөлүштүрүү жана берүү**, 414-сап боюнча -** жылуулук энергиясын жайылтуу жана берүү, **415-сап боюнча** газды таратуу боюнча кыматтардын наркы белгиленет.

**413, 414, 415-саптар боюнча** башка уюмдун транспорттук каражатын тартуу менен энергоресурстук керектөөчүлөргө сатууну (жайылтууну) ишке ашырган уюмдар тарабынан толтурулат.

**412-саптын** ичинен **416-сап боюнча** давалдык чийки заттарды кайра иштетүүчү башка жеке жана юридикалык жактардын кыматтарынын наркы белгиленет.

Ушул сапты чийки заттын жана материалдардын менчик ээлери, башка ишкананын кайра иштетүүсү боюнча алардын заказдарын жайгаштыруучу уюмдар толтурат.

**412-саптын** ичинен **417-сап боюнча** пайдалуу кендерди казып алуу жана жардуруу запастарына баа берүү жана изилдөө, окуу боюнча геологиялык тынччылык иштерин өткөрүүчү кызматтарынын наркы белгиленет.

**418-сап боюнча** отчеттук жылдарда ушул уюмдун кызматкерлерине берилген, ошондой эле кызматкерлердин командировка убагында убактылуу жашоочу жайы жана мейманкана кызматтары, ресторан жана барлардын кыматтарынын чыгымдарын кошпогондо, номерди тейлөө үчүн чыгымдар, көңүл ачуучу оюн-зоок обектилерин пайдалануунун чыгымдары чагылдырылат.

**419-саптын** ичинен **420-сап боюнча -** темир жол транспорту менен аткарылган кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы, **421-сап боюнча** - аба транспорту менен аткарылган кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы чагылдырылат.

**422-сап боюнча** почталык жана курьердик байланыштарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы; (жөнөтүү, жеткирүү, дарек боюнча жөнөтүү, кошумча жиберүү жана почтадан жибергендердин кайра келиши, акча которуулар, мегилдик басып чыгаруу; кабыл алуу жана телеграммаларды (фототелеграммаларды) жеткирүү жана ишенимдүү далили алардын мөөрү, аларга ишеним көрсөтүү ж.б.) чагылдырылат.

**423-сап боюнча** электрондук байланыш түйүндөрү, телефондук, электрондук, телевидиние, радио уктуруу, интернет аймагындагы кызмат көрстөүүлөрдүн наркы чагылдырылат.

**424-сап боюнча** укук тармагындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн: бир тараптын экинчи соттук же соттук органдар тарабынан аларга каршы кызыкчылыктарды көрсөтүүсү соттогу эмгек талашы менен байланыштуу болгон консультациялар жана алардын ишиндеги макулудашуусу, жалпы өкүлдүк маселелер боюнча (юридикалык документтерди даярдоодо: компанияга катталгандыгы жөнүндө күбөлүк, компанияны түзүүгө байланыштуу, патенттер жана автордук келишимдер, юридикалык актыларды даярдоо, окшош документтер жана уюмдун жоболору ж.б.у.с) сунуштарды жана консультацияларды берүү боюнча кымат көрсөтүүлөрдүн наркы чагылдырылат.

**425-сап боюнча** уюмдун бухгалтердик аудиттик отчеттуулугун өткөрүү боюнча аудитордук уюм тарабынан же болбосо жеке аудитор тарабынан ишке ашкан кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле, аудитти ээрчите жүргөн кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы чагылдырылат.

**426-сап боюнча** жарнамалык уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы чагылдырылат; тармактык жана башка сырткы жарнамалар, рекламалык щиттер жана рекламалык тактачаларды (стенддерди) даядоону кошкондо; көргөзмөлөргө, ярмаркаларга, экспозициялар, витриналарды коодоого, көрсөтмө-сатуулар, үлгү бөлмөлөр жана жасалгаланган залдар, кызмат жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарды камтыган жарнамалык брошюралар жана каталогдорду даярдоо, экспорттоодо баштапкы сапатынын бир азыраагы же болбосо бардыгын жоготкондогу наркынын суммасы чагылдырылат.

**427-сап боюнча** массалык маалымат каражаттары аркылуу туз жарнамалоонун: басуудагы жарыя,телевидения жана радио боюнча корсотуу,телекоммуникациялык тармактардын чыгымдары чагылдырылат.

**428-сап боюнча** уюмдун жумушчу күчтү жалдоо жана персоналдарды тандоодогу, персонналдарды издөөдөгү, талапкерлерди тандоо жана аларды иш ордуна жайгаштыруу (мындай кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга тиешелуу

потенциялдуу жумуш берүүчү же потенциалдуу жумушчу аткарат жана ишти баяндап жазууга кошууга болот, (болгон кызматтардын наркы, мисалы кызматтык инструкцияларын түзүү) жана СМИге жарыяланган кыматтардын; жумушка кабыл алуу үчүн талапкерлерди тандоо жана тестирлоодон өткөрүү, көрсөтүүлөрдү текшерүү; жогорку квалификациялуу кадрларды издөө жана жумуш менен камсыз кылуу (жумуш менен камсыз кылуучу агенттиктер менен); убактылуу жумушчу күчтөрдү жалдоо иш-аракеттери (уюмга подряддык негизде жумушчу күчтөрдү жалдоо, артыкча убактылуу жумушту аткаруу үчүн, аткарылган иштери үчүн аларга сыйлык ыйгарган агенттиктердин наркы чагылдырылат.

**429-сап боюнча** геодезиялык, картографиялык, топографиялык, аэросъемкалык жана гидрографикалык иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, геодезия метрологиялык камсыздоосу, картографиялык жана топографиялык иштер, долбоорлоо, жалпы графикалык, саясий-административдик, илимий-маалымдама жана башка тематикалык карталар жана тармактар аралык атластарды белгилөө, картографиялык окуу куралдары; мамлекеттик топографиялык карталар жана графикалык, цифралык, фотографиялык жана башка көлөмдөгү пландар, ошондой эле, геодезиялык, топографиялык жана башка атайын жумуштардын наркы чагылдырылат. **430-сап боюнча** коргоо боюнча иш-аракеттердин кызмат көрсөтүүлөрүнүн, башка уюмдар тарабынан ишке ашкан мүлктөрдү кайтаруу иш-аракеттеринин кызмат көрсөтүүлөрү жана курал кызматтары боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгымдарынын наркы чагылдырылат.

**431-сап боюнча** социалдык-медициналык жардам көрсөтүү мекемелер жана чет элдик медициналык мекемелердин көрсөткөн жардамдарынын наркы: бекитилген тартипке ылайык, рейсттик жол жүрүү алдындагы айдоочуну медициналык кароодон өткөрүү, диагноз коюу, дарыгерлер аткарган диагностикалык процедураларды өткөрүү, адис врачтардан дарылануу жана консультация алуу, коюлган тажрыйбалык тапшырмаларды аткарууга карата жарамдуулугун текшерүү жыл сайын медициналык кароодон өткөрүүдөгү чыгымдар чагылдырылат.

**432-сап боюнча** жумушчулардын квалификациясын жогорулатуу жана/же даярдоо, ушул уюмдун, чет элдик уюмдардын профессионалдык даярдыгы үчүн төлөнгөн нарктары, уюм менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде, жамааттык келишимде аныкталган макулдашуулары менен жумушчуларды экинчи жогорку кесипке окутуу, ал эми орто, жогорку кесиптик билим алуу мекемелерине жана алардын шарттарына ылайык кошумча билим алуу, зарыл учурда, аларды окуткан нарктарынын суммасы чагылдырылат.

Эгерде, окутуу ар кайсы аймактарда жүргүзүлө турган болсо, анда мындай учурда кеткен чыгымдар 418-сап боюнча чагылдырылат, жолго кеткен чыгымдар 419-сап боюнча чагылдырылат, суткалык жол жүрүүлөр 353-сап боюнча чагылдырылат.

**433-сап боюнча** илимий мекемелердин кымат көрсөтүүлөрүнүн наркы, илимий изилдөө долбоордун жана/же уюмдардын экономикалык, инженердик, технологиялык тажрыйбалык-конструктордук кайра иштетүүлөрдү кошкондогу наркы чагылдырылат.

Ушул сап боюнча башка юридикалык жактардын субподряд келишими боюнча илимий-техникалык мүнөздөгү аткарган иштери чагылдырылат.

**434-сап боюнча** агып чыккан сууларды кайра иштетүү жана жыйноо боюнча уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы катуу таштандыларды иштетүү

(керектөө) атайылаштырылган машыгуудагы курулуштун таштандыларын иштетүү (керектөө) мекемесин, аймакты тазалоо жана башка ага окшош иш-аракеттер чагылдырылат.

**435-сап боюнча** банктардын, камсыздоо уюмдарынын (камсыздандыруу төлөмдөрү кирбейт) жана башка финансылык мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүн (валюта алмаштыруу, инвестициялар, кыймылсыз мүлк сатып алуу боюнча консультациялар; инкассация кызматы, баалуулуктарды сактоо ж.б.) төлөөгө кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

**436-сап боюнча** өндүрүлбөгөн мүнөздөгү, башка уюмдар тарабынан көрсөтүлгөн: бухгалтердик эсепке салык салуу маселелери; маалымкаттарды (справка) берүү боюнча маалыматтык-сурамжылоо кыматтары, бир тилден экинчи бир тилге которууну аткаруу; уюмдардын юристтериненен консультация алуу боюнча консультаттык-маалымдама, ортомчу кызмат көрсөтүүлөр, психологдор, экономистер, дарыгерлердин ж.б адистердин, санэпидстанциянын кыматтары, кассалык-контролдоочу аппараттарды тейлөөчү кыматтар, электрондук эсептөөчү техникалар жана программалык каражаттарды орнотуу; автотранспорттогу тапшырыктарды тейлөө кызматтары жана башкалардын кызмат көрсөтүүлөрү чагылдырылат.

Эгерде, 435-саптын мааниси кызмат жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча чыгашалардын жалпы суммасы (400-сап) 15 пайыздан ашса, анда 435-сапка киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдүн курамы жөнүндө түшүндүрмөлөрдү берүү керек.

## 5-Бөлүм. Материалдык активдер (негизги каражаттар)

5-Бөлүм «Негизги каражаттар» формалары бухгалтердик эсептердин маалыматтарына ылайык жылдын жыйынтыктары боюнча гана толтурулат. Менчиктик же финансылык ижара шарттарында; иштетүүдөгү, запастагы болгон негизги каражаттар; монтаждоону талап кылган жабдык; негизги каражаттардын курулуп жаткан объектилери ижарага алынган укуктарга карата ишканага (уюмга) таандык негизги каражаттардын болушу жана алардын кыймылы жөнүндө маалыматтар чагылдырылат. Отчеттук жылдын башына карата абалы боюнча алгачкы наркы боюнча негизги фонддордун болушу жөнүндө маалыматтар бөлүктүн **1-графасы боюнча** чагылдырылат.

Баштапкы наркы - бул төлөнгөн акча каражаттардын же алардын эквиваленттеринин суммасы же аны калыбына келтирүү үчүн ордуна башкасы берилген активдин же курулманын сатылып алынган мезгилдеги калыс наркы.

Отчеттук жылдын башына карата абалы боюнча негизги фонддордун алгачкы наркы жөнүндө маалыматтар, эреже боюнча, өткөн жылдын «Негизги каражаттарынын жана материалдык эмес активдеринин болушу, курамы жана кыймылы жөнүндө» 5-бөлүмдүн, 5.1. №11 формасынын жыл аягындагы «Негизги каражаттардын болушу» боюнча 7-графасындагы негизги фонддордун наркы жөнүндө маалыматтарга туура келиши керек. Айрым учурларда маалыматтар отчеттук жылдын башына карата болуп өткөн уюштуруучулук жана башка өзгөрүүлөр болгондун эсебинен айырмаланышы мүмкүн.

Аларды сатып алуу, куруу жана даярдоо учурунда; негизги каражаттарды сатып алганда, курганда жана өндүргөндө; демөөрчүлөр тарабынан уставдык

(чогулган) капиталга салым киргизилген учурда; белекке берүү келишими боюнча алган учурда жана акысыз кайтаруусуз ала турган башка учурларда; башка келип түшүүлөр учурунда отчеттук жылда бухгалтердик эсепке кабыл алынган негизги фонддордун объекттеринин (анын ичинде жаңы негизги фонддорду ишке киргизүү) наркы **2-графада** келтирилет. Көрсөтүлгөн графадан отчеттук жылда жаңы (өлкөнүн аймагында колдонулбаган) негизги фонддор ишке киргизилгендиги жөнүндө маалыматтар **3-графада** белгиленет жана эсепке алынат.

**4-графада** кайра баалоонун (азайуунун(-)) эсебинен негизги каражаттардын наркындагы өзгөрүүлөр боюнча маалыматтар чагылдырылат.

Аларды сатуунун (иштетүүнүн); ал моралдык жана(же) физикалык жактан эскирген учурда жокко чыгаруунун; башка уюмдардын уставдык (чогулган) капиталына салым түрүндө берүүнүн; аварияның, табигый кырсыктардын жана башка чукул кырдаалдардын; алмашуу, негизги каражаттарды белекке берүү келишимдери боюнча берүүнүн; көрсөтүлгөн негизги фонддорго карата менчиктик укугу ижарачыга өткөн мезгилде кайра сатып алуу укугу менен ижарага берилген негизги каражаттарды жокко чыгаруунун; башка себептердин натыйжасында толук теңдемдик (баланстык) наркы боюнча отчеттук жылда негизги фонддордун жалпы чыгышы (анын ичинде жоюлушу (ликвидация) **5-графада** чагылдырылат.

**6-графада** бир жылда жоюлган (жок кылынган) негизги фонддор жөнүндө маалыматтар белгиленет.

**7-графада** отчеттук жылдын аягында алгачкы наркы боюнча болгон негизги фонддор жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт.

Жылдын аягындагы болгон негизги фонддор алардын жылдын башындагы болгон санына барабар, жылдын ичинде алардын келип түшүшүнө карата көбөйтүлгөн жана алардын чыгышына карата азайтылган, плюс кайра баалоонун эсебинен өзгөрүүсү (1-графа + 2-графа + 4-графа - 5-графа = 7-графа).

**8-9-графаларда** бешинчи бөлүктүн маалыматтарында камтылган негизги фонддор боюнча **топтолгон амортизациясы** жөнүндө маалыматтар, отчеттук жылдын башына жана аягына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, чагылдырылат.

Негизги фонддор жөнүндө маалыматтар алардын түрлөрү боюнча 510-524-саптар боюнча чечмеленет.

## 5.1-Бөлүм. Материалдык эмес активдер.

Бул бөлүмдө формалар өндүрүштө же ижарага берүү үчүн же административдик максаттар үчүн товарларды (кызматтарды) сатуу учурунда колдонуу үчүн дайындалган, физикалык формасы жок, акчалай эмес активдерди идентификациялай турган - материалдык эмес активдердин болушу жана кыймылы жөнүндө маалыматтар чагылдырылат.

Ушул бөлүмдүн маалыматтары 5-Бөлүмдө сүрөттөлүп жазылган эрежелерге ылайык толтурулат.

**Кыргыз Республикасынын Улутстаткому**
**Финансы статистикасы бөлүмү**